**Таалайбек Абдиев**

# Өткөн күндүн өчүңкү элестери…

# же

# Салижан Жигитовду эскерүү

## Салижан абамы эстеп

Айрыкча эгемендик алган жылдары кыргыз элине аттын кашкасындай белгилүү болгон Салижан Жигитов бир жагы тууганым, бир жагы устатым эле. Ал киши мурун интеллигенцияга курч жазылган адабий сын макалалары, терең илимий изилдөөлөрү, акындыгы, жазуучулугу менен белгилүү болсо, 1990-жылдардан баштап карапайым элге курч публицистикасы менен таанылып, коомдук ишмер катары чыга келди. Жыланач төөнү бучкакка чапкандай курч сөздөрү, кишинин оюна келбей турган далилдерге ширелген устарадай макалалары көпчүлүктүн бүйүрүн кызытып, кээ бирин тамшандырып, кээ бирин чычалатып турду. Кыргыздын кылымдардан келаткан кемчиликтерин: жалкоолугун, ыкшоолугун, баёолугун, аңкоолугун, көрө албастыгын, ичи тарлыгын шибеге менен сайгандай айтып турду. Ушундан улам ал кишини айрымдар кыргыздын душманы дегенге чейин барышты.

Абам каза болгондон бери билинбей эле 19 жыл өтүп кетиптир. Ал кишинин Союз кезинде эле эл оозунда айтылып жүргөн тамаша сөздөрүн чогултуп, бир китепче кылып чыгарып коёюн деген ой мурунтан эле бар болгону менен, ана-мына деп жүрүп ушул болду. Эми кеч болсо да аракет кылайын деп чечтим. Бул эми бир жагы кишини каткырткан тамаша болсо, бир жагы муңга айланган эскерүү болуп калды окшойт. Анткени эскерүүнүн өзү жоктоо эмеспи.

Салижан абамы биринчи жолу эс тартып, 5-6-класска окуп калганда көрдүм. Балким, ага чейин деле көргөндүрмүн, бирок эсимде калбаптыр. Ошол жылы жайында айылдагы биринчи мектеп болгон чоң атамын үйүнүн үстүндөгү эски камышын алып ыргытып, шыйпырлап атканбыз. Орунбай аке, дагы бир-эки киши иштеп атышкан. Анан эле бир күнү абам келип калды. Башында чүпөрөк шапке. Келип эле Орунбай акелер менен бозо ичип, каткырып күлүп, аралашып кетти.

Каныкей эжем бир жолу азыркы улуттук университеттин ректору Табышалиев Салижан абамдардын үйүндө бозодон аябай ичип, анысы аз келгенсип: «Э, Кимия, жанагы бозоңон куюп берчи», - деп жалдырап үйүнө куйдуруп кеткенин көрүп, ушундай интеллигент кишилер да аракечтердей болуп бозо ичеби деп иренжигенин айтып берди эле. Анын сыңары мен да абамын тигилер менен бозо ичкенин көрүп, Каныкейдей катуу иренжибесем дагы, бир топ таң калганым эсимде. Бул эми ал кездеги советтик тарбиядан улам болсо керек.

Бозо куюп берип отуруп байкасам, абама айрыкча Орунбай аке, анын кызып алгандан кийин «Мен ток бакпайм, тоодогу кекиликтердин баары –

менин тоокторум, каалаганда атып келип жей берем» дегени аябай жакты. Тамдын үстүндө тигилер менен карсылдап күлүп отурганы аябай эсимде калыптыр. Ошондон баштап абам биздикине күнүгө келе турган болду. Эрте менен эле: «Э, жеңе, баягылар келе элекпи?»- деп эле келип калат. Көрсө, ошол күндөрү абам бала кездеги жашоосуна аралашып, «Күн туудудагы» кишилери менен сүйлөшүп, черин жазып жүргөн окшойт.

Эсимде, ошондо бир күнү атам: «Э, Салижан, өзүң элге көрүнүп калган киши болсоң, башыңдагы чүпөрөк шапкени коюп эле, шляпа кийип албайсыңбы», - деп калды. Абам: «Ээ, Камбар аке, силер билбейсиңер да. Бул аябай ыңгайлуу, анан арзан: бир эле сом турат. Бирин жоготуп ийсең, башкасын алып кие бересиң», - деп карсылдап күлүп кутулуп кеткен.

Экинчи жолу атам каза болгондо көрдүм. Казанда армияда жүргөн жерден телеграмма менен келгемин. Аны кеч жөнөтүшкөн экен, эртең жетилиги болот деген күнү бир суткада келдим. Эртеси боз үйдүн жанында турсак, алыстан эле бирөөнүн «Акем о-оой, акем о-оой» деп өкүрүп келатканы угулду. «Бул – Салижан, - деди аксакалдардан бирөө. – Башкасы минтип чыңырып келбейт». Чын эле абам экен. «Армиядан келгенден кийин мага жолукчу, - деди эмнегедир кетип атып. – Фрунзеге котортуп алам.»

Кайдан, кийин андай шарт болбоду. Ал турсун апамын кыйналганын көрүп, бир кур окууну таштап ийе турган болдум. Апам болбой койду. Ошентип Ош университетинде окуп жүргөндө, жазуучулардын «Арашан» деген эс алуу үйүндө семинар болот, ошого барып келесиңер деп Алишер (Токсонбаев) экөөбүздү жөнөтүп калышты. Алишер го ыр жазып жүрчү, мени эмнеге кошуп коюшканын түшүнбөйм. Фрунзеге келип, Жазуучулар союзуна кирсек, жылуу кабыл алышып, «Арашандын» жолун айтып берип, узатып коюшту. Барсак Төлөгөн Касымбеков, Ашым Жакыпбеков сыяктуу атактуу жазуучулар, сынчылар көп экен. Абам да ошол жерде экен. Студенттерден Алишер экөөбүз эле. Жол кирени эле төлөгөнүбүз болбосо, баары бекер экен. Ошону агайлардан ким уюштурганын эстей албайм, бирок ошол агайлардын камкордугуна азыркыга чейин ыраазы болом.

Күн сайын тамактан кийин саат ондордо семинар болот деп чогулабыз. Кайдагы семинар. Башталганда эле күлкү менен башталат да, саат бир болуп, түшкү тамакка чакырганга чейин күлөбүз. Ошолорду эмнеге жазып албаганыма азыркыга чейин таң калам. Бир гана абамын кара тору досу Ашым Жакыпбековду минтип тамашалаганы эсимде калыптыр: «Өзү Ашым сыяктуу ынды каралар кыргызда болбойт. Анан бу Ашым кайдан чыгып калды деп атайын иликтеп көрдүм. Көрсө, илгери кыргыздар Кокондун ордосун кан талоон кылганда, таластык кыргыздар Стамбулдагы султандан белекке келген негр ордо кызды Таласка алып кетишкен экен. Ошо негр кыз ушул Ашымдын чоң энелери болот экен». Ашым

Жакыпбеков өзү да: «Бу кибиреген сарттын таппаганы жок», - деп ыкшып күлгөн эле.

Анан окууну бүтүп-бүтпөй эле Ош университетинде иштеп калдым. Кыштын күнү болчу. Эшикте бурганактап кар жаап аткан. Кафедрада ар кимибиз өз ишибиз менен алек болуп отурганбыз. Бир маалда эле эшик кагылып:

- Мүмкүн бекен? – деген үн угулду. Мен караганча эле, Бекмырза аке (Абдрашитов) ордунан атып туруп:

- Ой, келиңиз, Салижан аке! - деп чуркап барды. Баарыбыз барып учурашып турсак, кабинетинен кафедра башчыбыз Сали агай (Гапаров) келип калды.

- Ой, Салижан, келиңиз, келиңиз.

- Келдик, Сали аке. Бу кысталактарды чогултуп алып иштетип атыпсыз ырас.

- Ооба, балдар иштеп атышат.

- Бу кысталактар иштеп атышабы, же үстүңүздөн материал чогултуп жүрүшө бекен?

Сали агай күлүп:

- Сиздин оюңузча, ким чогултушу мүмкүн? - деди.

- Чогултса эле мына бу алай-куулук чогултат, - деп Бекмырза акени көрсөтүп карсылдап күлдү абам.

Чайканага барганда, Бекмырза аке: «Жанагы сөздү бекер айттыңыз, Салижан аке. Ал киши ишенип калды», - деп кадимкидей кыжалат болду.

Бир топ отуруп, боорубуз эзилгенче күлүп тарадык. Кетерде:

- Сен мени менен жүр, - деди абам. – Жеңеңин бир иниси өтүп кетиптир. Барып куран окуп кой.

Автобус менен барып, бир жерден түшүп калдык. Анан эле абам жолду таппай калса болобу. Ары басабыз, бери басабыз. «Кысталак, ушундай бир жерде Ак-Буурага түшүп кеткен бир труба бар эле. Ошону бойлоп кетсек эле барып калат элек», - дейт. Труба деги көрүнбөйт. Кар жаап турат, кеч кирип баратат. Акыры кудай жалгап трубаны таап алдык.

Ал жерде да көпкө отурдук. Узатып чыгып, коштошордо айтты:

- Сен калжырап жүрө бербей, ишиңди тапшыр да, Академияга тез кел. Стажёрлук орун бар. Мен да азыр ошол жердемин...

Ойлоп көрсөм, ошондо чогуу болгон кишилердин баары – Салижан абам, Сали агай, Бекмурза агай, Кудайберген агай, Абдыманап агайлар өтүп кетиптир. Жаткан жерлери жайлуу болсун...

Абам жанда жок тууганчыл киши эле. Балким, бул касиет эски кишилердин баарында болгондур. Назарбек тагамын кызы Чынар эжем мындай деп эскерет:

«Мен бала кезде Салижан аке биздин үйгө көп келер эле. Кийин студент болуп калды. Кээде мамама: «Жеңе, баягыны дагы берип туруңуз, келгенден кийин эле чечип берем», - шыбырап калат. Мамам ал кезде театрда костюмер болчу. Кычан Жакыповдун костюмун алып келип берет. Ал Салижан акеге куюп койгондой келчү. Анан ал бара турган жерине барып келгенден кийин, костюмду тазалап, үтүктөп, кайра театрга алып барып коёр эле.»

«Мектепти бүтүп, университетке тапшырайын деп мамам экөөбүз баратсак эле, бирөө артыман келип май куйрукка тарс эттире бир чапты. Карасак, Салижан аке экен. Каткырып күлүп турат. Мамам да күлүп:
- Ай, Салижан, кантесиң, карындашыңдын бойго жетип калганын билбей эле ойной бересиңби? Өзүң университеттин мугалими болсоң, - деди. Мен ыза болуп:
- Мейли, мама, чапса чаба берсин. Колу жеткен жери ошол болсо, эмне кылсын? - десем, ого бетер санын чаап, ыкшып күлгөн эле.»

Абам жан дүйнөсү баланыкындай таза киши болчу. Абдыманап (Жалилов) агайга бир журналист теңтушу айтып берген экен:

“Университетти сырттан окуп бүтүрдүм. Дипломдук ишим Салижан Жигитов агайдан эле. Бүтөргө жакын группалаштарым: “Жетекчиме козу алып келип бердим, кымыз алып келип бердим”,- деп айта башташты. А мен болсо унчукпайм. Облустук бир гезитте иштесем, бала-чакам менен квартиралап жүрсөм, эмнени бермек элем. Жакындаган сайын баягылар бүтпөй каласың деп коркута башташты. Эптеп элүү сом таап, бермекчи болдум. Эртеси күнү агайга барып, бир аудиторияга ээрчитип кирдим да, баягыны бердим.

- Бул эмне?- деди агай таң калып.
- Колуман келгени ушул болду, агай. Чай ичип коюңуз,- дедим шөлбүрөп.
- О кудай урган десе, сага пара бергенди ким коюптур. Андан көрө курсагыңды тойгузуп, жакшылап даярдан.

Чыгып баратсам, кайра токтотту.

- Аччы,- деди. Конвертти ачсам, беш сомду колунун учу менен алды да:
- Бара бер,- деп койду.

Түшүнбөй калдым. Эртеси барсам, агай мени издеп жүрүптүр. Ээрчишип кайра баягы аудиторияга кирдик.

- Ме,- деп, баягы беш сомду кайра берди. – Бир китеп бар эле кызыгып жүргөн, алып кетишиптир.

Дипломдук ишимди бешке коргодум. Баягы мени үйрөтүп жүргөн акылдуулар, “үч”, “төрткө” араң коргошту”.

Бирок ошондой баёо сыяктанганы менен акылы өтө жетик киши эле. Досу Ишенбай Абдыразаковдун мындай деп эскергени бар:

“Кайсы жыл экени эсимде жок, Тургуналы Молдобаев, Жолон Мамытов болуп Арсланбапка, андан нары Сары-Челекке барып калдык. Жолдо жүрүп, ар нерсе жөнүндө сөз болот да. Барпы, Жеңижок, комузчу Ниязаалы… эстебеген кишибиз калган жок көрүнөт. Азыркы акындарга сөз кезеги жеткенде Жолон айтып калды: «Ыр жазган жагынан Салижан акемден ашкан зергер устатты көрө элекмин. Таң калам. Бирок бу киши өтө эле акылдуу да. Жарыктык киши, саал эле наивный болсо, кандай сонун болор эле» дегени эсимде кыт куйгандай калыптыр.”

1998-жылы Лондонго эки айга окууга кетип баратам десем, Салижан абам: «Мага жолуга кет, Би-Би-Сиде иштеген кыргыз балдардын дарегин берейин, балким, кереги тийип калат»,- деп калды. Жаңы ачылган «Манас» университети ал кезде 13-мектептин капталындагы Разак акенин бала бакчасында экен. Барсам: «Түрк ректор менен тааныша кет, балким, келгенден кийин бизде иштеп каларсың», - деп калды. Биз киргенде ал киши ордунан туруп: «Келиңиз, Салижан бей, отуруңуз», - деди эле, абам: «Жок, Ариф бей, менин отурганым менен турганым бирдей эле, отурбай эле коёюн»- деп каткыртканы эсимде. «Бул кысталак Петербургдан жактап келди кандидаттыгын. Англисчени, орусчаны жакшы билет», - деп апендинин кызындай мактап кирди эле, Ариф агай Лондондон келгенден кийин дароо бизге келип иштеңиз, деп Юдахиндин түркчөгө которулган эки томдук сөздүгүн карматты. Ошентип, ошол жылы күздөн баштап «Манас» университетинде иштеп калдым.

Үч-төрт айдан кийин абама кирдим.

- Аба, мен бул университеттен кетсем окшойт,- дедим салбырап.
- Эмне болду?- деп жазганын токтотуп, көз айнегинин төбөсүнөн карап калды.
- Айлык аз болуп атат. Мен бул жерден бир айда тапканды “Соростон” үч-төрт күндө табат экенмин. Квартирада жүрө бербей, үй алайын эптеп.

  Абам ойлоно түшүп, анан:
- Эми кысталак аныңдын келечеги жок болуп атпайбы. Эртең жабылып калса кантесиң? А бул жердин келечеги чоң. Кетпей эле иштей бер. Ал жактыкын деле иштеп, пулун ала бер. Жашсың да, кажынып күнү-түнү иштей бер.

Абам ушул “кажынып” деген сөздү көп айтчу. Өзү да кажынып иштечү. Ыр болсун, кара сөз болсун, илимий иш болсун майын чыгарып иштечү. Ал турсун котормодо да ошондой эле. “Котормо илимине киришүү” деген китебимде түрк акыны Назым Хикметтин “Мажүрүм тал” деген ырын кандай которгонун үлгү кылып түркчөсү менен кошо бердим эле. 1969-жылы которулган бул ырды азыр табыш деле кыйын болуп калгандыктан, бере кетейин:

**Мажүрүм тал**

Айнегинде чагылат аккан суунун
мажүрүм тал шактары чуудаланып.
Мажүрүм тал наз менен ашкан сулуу
чайкайт күмүш саамайын сууга малып.

Кылыч менен талдарды чаап шакка
кетти кызыл атчандар батыш жакка
        батыш жакка күн батып бара жаткан.

Ок жаңылды капыстан!
        Бир жаш атчан
                кушка окшоп канатка аткан
                        кулады аттан!
Бакырбады,
                кеткендерди жалбарып
чакырбады,
                башын жерден көтөрүп бир азга
араң арман толгон көз менен карап турду
аттардын туяктарын кылактаган.

                Арман күн ай, атаганат,
каргып туруп ал эми кайра атканып
өбөктөбөйт ак көбүк ат жалына,
ак аскерди кубалап айгай салып
ойното албайт кылычын баштарына!

Кулагында алсырап жаткан жандын өчүп
барат дүбүртү чапкандардын.
Кылк-кылк этип кызарып күн баткан жер
жутуп алды караанын атчандардын.
Атчандар, атчандар, кызыл атчандар,
        аттары шамал-куюн канатчандар,
                аттары шамал канат...
                аттары шамал...
                аттары...
                        ат...
Өмүр өттү атчандай шамал канат!
Аккан суунун үнү өчтү ир алдыда,
дүйнө бүтүн боёлду караңгыга,
                жабылды кара парда
                мөлтүр тунук көгөргөн көзүнө анын,
                төгүлдү мажүрүм тал

сары чачы төгүлгөн бетине анын!
Баратат коюу тартып түн карасы.
Ыйлаба мажүрүм тал, ыйлабачы!
Ыйлаба,
ыйлабачы!
Ыйлабачы...

1999-жыл болсо керек эле. Мухиттин Гүмүштүн кабинетинде отурсак, Салижан абам келип калды. Ал киши аркы-беркини сүйлөп, адатынча баарыбызды күлдүрүп отурду. Бир кезде түрк мугалимдер ага проректор катары арызданып калышты: «Салижан бей, бул жердин полистери (милициялары) эмне деген адамдар? Жөө чыксак, өзүбүздүн документтерибизди текшеримиш болуп акча алышат. Машина менен чыксак, анын документтерин сурамыш болуп акча алышат». Мен уялганыман башымы жерге салып, эмне деп айтар экен деп отуруп калдым. Ал киши ойлонбой туруп: «Эми ал кысталактарга Акаев 400 сом айлык берип, калганын Мухиттин бейден алып аласыңар десе, алып атышат да, Берип тургула эми», - дегенде, баарыбыз кыйрап күлгөнбүз.

Биз менен чогуу иштеген Эгемберди деген мугалим бар эле. Ал мурун энциклопедияда Салижан абам менен чогуу иштеген экен. Эгемберди аке ал убакта Бүбүйна Орузбаева эжеден тема алып иштеп жүргөнүн билчү экен. Кийин турмуш шартынан улам Эгемберди аке илимий иштерин токтотуп коюптур. Абам жолуккан сайын: «Ой, кудай урган, баягы кандидаттык ишиңди бүтөйүн дедиңби», - деп сураганда, ал бир чети уялып, бир чети коркконунан: «Бүтөйүн деп калды, Салижан аке», - деп койчу экен. Бир жолу жолугуп калып, баягы жообун уккан соң: «Кысталак, ушу сен ишиңди ташка чексең да бүтө турган болдуң эле», - дептир.

Биздин айылдан Алимбай Абжапаров деген тележурналист бар. Салижан абам анын өкүл атасы экен. Аялы экөө урушкан сайын эле келип, ажырашалы деп атабыз дей беришчү экен. Абам болсо өкүл атасы болгон соң аркы-беркини айтып жараштырып койчу экен. Дагы бир жолу ошентип келишкенде, ал киши тажаганынан: «Эми ажырашсаңар ажырашып эле алгыла. Силер ажырашабыз дегенден бери биздин Акбар (абамын жалгыз уулу) экини алып, ажырашып, эми үчүнчүсүн алып ийсемби деп турат», - дептир. «Ошентип койсом, намыстанып ажырашып кетишпедиби кудай ургандар», - деп күлдүрчү.

Уулу Акбар үчүнчү аялын алгандан кийин досу Кеңеш Жусупов уулунун үйлөнүү тоюна чакырат. Салижан абам тойго барып, досуна: «Эми Кеша, уулуң кыйын чыкса, көп келиндин колунан чай ичесиң», - деп тамашаласа, тиги киши чочуп кетип: «Кокуй, антпе, Саке, бир келиндин эле чайы буюрсун де», - деп ийиптир.

Академияда бир чоң жыйналыш болуп, Салижан Жигитов кечирээк барып калат. Алды жакта отурган Мухтар Борбугуловдун жанындагы бош орунга барып отура калат да, кайра секирип турат. Таң калган Борбугулов:
- Эмне болду, Саке? - деп сураса, Салижан Жигитов:
- Башка жакка эле отурайынчы, Муке. Эми башым таз болгону аз келгенсип, маңка да болуп калайынбы, - деп мурдунан чалып сүйлөгөн Борбугуловдун эч ким тийише албай турган талуу жерин айтып салган экен.

Салижан Жигитов университетте иштеп жүргөндө, жооп бере албаган бир абитуриентке минтип кыйкырган дейт: «Же мээң жок, же ээрчитип келген ээң жок, же жетелеп келген бээң жок, мен сени кантип өткөрөм, ыя?»

Бир жазуучу аялдын юбилейинде Салижан Жигитовго тост айтыңыз дешсе, мындай деген экен:
- «Эжени көрүп синди өсөт, аганы көрүп жинди өсөт», - дейт. Сизди көрүп өскөн сиңдилериңиз мыкты чыгып атат. Бизди көргөндөр жинди чыгып атат.

Бир жолу Академияда иштеген тилчи-адабиятчылар ботаникалык бактагы ишембиликте иштеп жатышса, автолавка келип токтойт. Кадыралы Конкобаев күрөгүн таштай салып, ошол жакты көздөй жөнөп калат. Институттун директору Абдыкадыр Садыков:
- Бу бала кайда кетти? - деп түшүнбөй сураса, Салижан Жигитов:
- Ал, пайдасы тийип калабы деп, автолавканын шопуру менен таанышканы кетти, - дептир.

Азиз Салиев бир жолу: «Философия, эстетика боюнча көп эле эмгек кылдым, канча китеп жаздым, бу кыргыздар анын деле баркына жеткен жок, баркына жетмек турсун, окуп да койбойт», - деп наалыса, Салижан Жигитов: «Эми, Азиз Салиевич, анын эмнесине кайгырасыз, биз өзүбүздөн кийинкилерге кык болуп берсек болду да», - деп жубаткан экен.

«Революциянын каармандарына» аттуу эстелик ачылган күнү Салижан абам эл көп болот го деген ой менен барбай коёт да, кийинки күнү барат. Ал жерде, абамын сөзү менен айтканда, ага окшогон кыйтырлар көп экен дейт. Баары эстеликти карап туруп калышат. Бир маалда ары жактан Насирдин Байтемиров келатат дейт. Ал эч кимди карабай эле эстеликти карап келе бериптир. Учурашкан соң абам ага тийишип: «Наке, бу катындын эстелиги жакшы чыккан экен ээ?», - десе, Насирдин Байтемиров буйдалбай туруп: «Бул – катын эмес, революция, а революциянын жынысы болбойт», - деп жооп бериптир.

Салижан Жигитов бир жолу Күлүйпа Кондучалова менен бирге президиумда отуруп калат. Бир маалда ал киши:
- Э, Салижан, тиги алдыда отурган кичинекей баланы таанбайт экенмин, ал ким?»- деп сурайт.
- Ой эже, ал кичинекей бала болбой калсын! Ал – Кеңеш Жусупов деген чоң жазуучу. Биз аны Кеша тихий деп коёбуз, - дейт.

Кондучалова аябай күлүп:
- А Бексултан Жакиевди эмне дейсиңер? - деп сурайт.
- Кыялы чатагыраак болгон үчүн аны Петька буйный дейбиз.
- А бу сүйлөп жаткан Жолон Мамытовду эмне дейсиңер?
- Толмоч болгондуктан, аны Жорка сытый дейбиз.
- А сени эмне дешет?
- Көрүп турбайсызбы, эже, мени Сашка лысый дешет. Бир гана жанагы Төлөмүш (Океев) жинге тийип Кучерявый деп калат...

Салижан Жигитов бир жолу «Ала-Тоо» журналына барып калат. Ал жерде Сулайман Маймылов деген теңтушу иштечү экен. Дагы эмне балакетти айтар экен деп чогула калгандардан:
- Бу кудай урган чычкандын баласын эмне дейт, ким билет? - деп сурайт.

Эч ким айта албайт. Анда:
- Эми кудай урбадыбы, баласы болгондон кийин аты да болуш керек да, туурабы? Мисалы, карышкырдын баласын бөлтүрүк дейт, түлкүнүкүн бачки дейт, аюунукун мамалак дейт, маймылдыкын мына өзү турат, Сулайман дейт», - деп элди күлдүргөн экен.

«Салима деген жакшы кыз
Самолётто учтуңуз.
Самолётто учам деп,
Саныма жаба чычтыңыз.»
(Салижан абамын кызы Салиманы чычалаткан ыры, илгери Оштон самолёт менен келатышып, кичинекей Салима абамын алдын булгап койгон экен).

*Чынар таежемин эскерүүсүнөн:*

«Мен бала кезде Салижан аке биздин үйгө көп келер эле. Кийин студент болуп калды. Кээде мамама: «Жеңе, баягыны дагы берип туруңуз, келгенден кийин эле чечип берем», - шыбырап калат. Мамам ал кезде театрда костюмер болчу. Кычан Жакыповдун костюмун алып келип берет. Анан Салижан аке бара турган жерине барып келгенден кийин, костюмду тазалап, үтүктөп, кайра театрга алып барып коёр эле.»

«Мектепти бүтүп, университетке тапшырайын деп мамам экөөбүз баратсак эле, бирөө артыман келип май куйрукка тарс эттире бир чапты. Карасак, Салижан аке экен. Каткырып турат. Мамам да күлүп:
- Ай, Салижан, кантесиң, карындашыңдын бойго жетип калганын билбей эле ойной бересиңби? Өзүң университеттин мугалими болсоң, - деди. Мен ыза болуп:
- Мейли, мама, чаба берсин. Колу жеткен жери ошол болсо, эмне кылсын? - десем, ого бетер санын чаап, ыкшып күлгөн эле.»

*P.S. Чынар таяжем, атасы белгилүү артист Назарбек Чокубаевди тартып, бойлуу кыз экен. Апасы Турсун жеңебиз Таластын кызы эле. 1962-жылы жубайы 42 жашында каза болуп калгандан кийин, беш баланы өз жалгыз багып чоңойтуп, баарын окуткан. Ашыр Чокубаев менен Эдил Чокубаев – белгилүү артист жана кино актёрлор. Дөөлөт Чокубаева – циркте ат үстүндө номерлерди көрсөткөн биринчи кыргыз кызы. Анар Чокубаева – мугалим, азыр пенсияда. Чынар эжем болсо комсомолдук, партиялык кызматтарда иштеп жүрүп, аягында кыргыздын Түркмөнстандагы элчиси болгон.*

*Ишенбай Абдуразаковдун эскерүүсүнөн:*

“Кийинчерээк Илимдер Академиясында иштеп жүргөндө, сөздөн сөз чыгып отуруп бир окуяны айтып берди: "Элдин баары эле сурайт, Академияда иш көп болсо керек дешет. Мен тамаша кылып: “Балакеттиби, ал жерде тим эле жыргализм. Түшкө чейин отурам, түштөн кийин шапкемди столдун башка бурчуна тескери каратып коюп кетип калам. Элдин баары бул эми эле сыртка чыккан турбайбы деп ойлошот. Кечинде келип, шапкемди алып кетип калам,"- деп койсом, аны дароо эле ошо кездеги партиянын шаардык комитетине жеткизип коюшуптур. Бир күнү шаардагы партиялык уюмдардын секретарларын шааркомго чакырып, ал кездеги биринчи секретарь Карыбек Молдобаев кеңешме өткөрүп, айыл чарбада түшүмдү коротпой жыйнап алыш үчүн күн сайын жардамга кызматкерлерден жиберип тургула десе, Академиянын өкүлү башка шылтоо таппагансып, "бизде азыр илимий иштерди жыйынтыктоого убакыт аз калды, бизди бошотуп койсоңор экен" деп сураныптыр. Куру

шылтоо экенин дароо түшүнгөн Молдобаев "Академия – азыр жыргализм. Аны Салижан Жигитов айтып жүрөт. А киши туура айтат, мен ага ишенем. Бир кишини кыскартпай, Академияны айрыкча контролго алгыла" деп коюптур. Бир күнү эле Тарых институтунун директору мени көрө коюп: "Ай, Салижан, сен бул жерде жыргап жүрсөң, эч кимге жар салбай жүрө бербейсиңби, эмне, көрүнгөн көчөдө калжырап, "бизде жыргализм" деп жүрөсүң. Мына сенин айыңдан баарыбызды жумушка айдап атат",- десе болобу. Эмне дээримди да билбей: "Ой, кечиресиз, бул академиядагы чоң сырды бекем кармап жүрдүм эле, шайтан сайып оозуман чыгып кетиптир. Бирок мен айткам: директорлор эле, байкуштар, куурап иштеп жүрүшөт, биз, калгандарыбыз үчүн жыргализм" дегенмин десем, аргасыз күлүп: "Э, бачагар, сенден сөз качып кутулбайт, тилиңди кесер киши жок, жүр, андай болсо шахмат ойнойлу" деп, кабинетине кирип, аны утуп алдым. Мени алая карап: "Эй, сенде уят барбы?"- дейт. "Уят болгон үчүн элдин көзүнчө утуп атпаймбы. Куурап иштеп жүргөн кишинин шахмат ойноого убактысы болбойт, тренировка кыла албайт, а мен жыргап жүргөн кишимин, күн сайын шахмат ойнойм. Кокус сиз утуп алсаңыз, элде тескери түшүнүк болуп калбайбы" деп, баарыбыз шатыра-шатман күлүп алдык.”

*Абды Сатаровдун эскерүүсүнөн:*

“Салижан Жигитов Илимдер Академиясында иштеп жүргөндө, эрте менен жумушка кирип баратып, эшикте тамеки чегип сүйлөшүп турган теңтуштарына тамашалап “Хайл!” деп колун немистердикиндей кылып алдыга сунуп өтчү экен. Аны бирөөлөр жогору жакка, болгондо да Борбордук Комитетке жазып жиберет да, бир күнү эле комиссия келип басып калат. Баарын чакырып, суракка ала башташат. Кезек Салижан Жигитовго келет.

- Эмне үчүн антип саламдашасыз?- деп сурашат.
- Ой, алар өздөрү биз немис болобуз, түбүбүз немис дешет. Анан мен да немисче салам берип коём,- дептир Салижан Жигитов боз койдон жоош боло калып.

Анын кебетесин көргөн бирөө чыдай албай каткырып ийиптир. Ага калгандары кошулуп кетет. Анан аягында:

- Кудай урган эл экенсиңер. Ушундай тамашаңарды деле жаза бересиңерби,- деп кетип калышыптыр.

Көрсө, ошол жылдары Академиянын президенти улуту немис бирөөнү кечиккендерди жазасың деп эшиктин жанына отургузуп койчу экен. Ал кайран 8ден 10го чейин отуруп, кечиккендердин аты-жөнүн жазып отурчу дейт. Бирок академиядагылар анын да жолун табышыптыр: саат 11лерде, ал кеткенден кийин жайбаракат кирип кетчү болушуптур.

*Сулайман Кайыповдун эскерүүсүнөн:*

“Москвадан аспирантураны бүтүрүп, кандидаттык диссертациямды коргоонун кезегине коюп, мурунку иштеп жүргөн Илимдер Академиясына келдим. Институттун директоруна кирсем, ал киши каяктан экенимди сурады. Айтсам, анда ошол жагыңа барып иштей бер деп койду. Адегенде тамашалап атат го деп күлүмүш болсом, чын эле айтып атыптыр. Аны менен бир топ айтышып, буулугуп чыксам, коридордо Салижан аке бир топ кишилер менен сүйлөшүп туруптур. Эмне болду дегенинен, ушундай болду десем эле, мени урушуп кирсе болобу:

- Эй, күнөө сенин өзүңдө!- деди ал бакылдап. – Чоңдун баары чыгып аткан Нарында туулбайт белең! Же окумуштуунун баары чыгып аткан Ысык-Көлдө төрөлсөң өлөсүңбү! Же мына борборго жакын Чүйдө туулуп кой! Эч колуңдан келбесе, жок дегенде Таласта төрөлүп койбойт белең! Жер түгөнүп калгансып тээ Сузактын Ак-Тоо-оок деген айылында туулуп аласың!

Жанындагылар кыйрап күлгөн сайын Салижан аке ого бетер күчөйт...

Андан ары баратсам, Турдубай аке (Абдыракунов) жолугуп калды. Ага арыз-муңумду айтсам: “Адам өлбөсө, айыл башы болот, Сарт өлбөсө, кербен башы болот” дейт. Сен кербен башы болот турбайсыңбы!”- десе болобу. Мени ошентип жубатышкан...”

Мурат Кожобеков, “Манас” университетине жумушка кирейин деп, документин тапшырса, ректор Карыбек агай бош орун жок деп көңүлдөнбөй коёт. “Азаттыкта” чогуу иштеп калган шакиртинин маанайын байкаган проректор Салижан Жигитов айласы кетип, ректорго кирип:

- Карыбек Молдобаевич, биз, кыргыздар, мурун ушундай узун бойлуу, көзүбүз көк, ак саргыл болгон экенбиз деп мактанганга ушундай бир бала керек. Мурат Кожобековду жумушка алалы,- деп жалдырап ийиптир.

Карыбек агай да айласыздан күлүп , кол коюп берген экен.

*Калык Ибраимов айтып берди эле:*

Түгөлбай Сыдыкбеков, Салижан агай болуп келатсак, агай ал кишиге тийишип калды:

- Түкө, бир кезде сиз дагы аябай көптүңүз, ээ?
- Мен эмне кылып көптүм, Салижан?
- Чачты далыга чейин өстүрүп жүрбөдүңүзбү?
- Эми чач деген кудай берсе өсө берет турбайбы, Салижан,- дебеспи тиги киши, агайдын башын карап туруп. Баарыбыз каткырып ийдик.

Бир жолу жолдон бирөө кезигип, Салижан Жигитовдон сурап калат:

- Ой, Саке, кайдан келатасыз?
- Ой, бир халтурщик акын бар эле, ошону кыргыз адабиятына экинчи келгис кылып көөмп келатам,- деп жооп бериптир.

*Мухиттин бейдин эскерүүсү:*

"Салижан агай, Ахмет Гүнгөр болуп бир иштер менен Чымкентке баратсак, Жамбылга кире бергенде милиция токтотуп, экологиялык талонду сурады. Жок десек, тетигил посттон 500 теңгеге сатып алгыла деди. Талон алып келатсам, простатит болуп кыйналып, жолдо да улам токтотуп келаткан Салижан агай бир теректин түбүнө заара кылып атыптыр. Аны көргөн казак милиция: «Эй аксакал, эмне кылып атасыз?- деп кыйкырды эле, Салижан агай: «Өй, экологиялык талонду албадыкпы, эми сие берсек болот да»,- деди эле, тигил чочондогон неме каткырып ийди да, кечирим сурап узатты."

Ректор Карыбек агай бир сый тамакка кирип келатып: «Кыздар, төргө өткүлө»,- деп аялдарды сыйлап калат. Аялдар күйөөлөрүнүн жанынан кете алышпай буйдала түшкөндө, абам: «Эми алтымыштан кийин биз деле кыз болуп калбадыкпы, мен өтө берейин» деп төргө өтүп кетип, элди күлдүргөн экен.

Ишенбай Абдуразаков мамлекеттик катчы кызматынан түшүп калган жылдары Салижан досу жазуучуларга өз «версиясын» жайып иет: «Абдуразаков Акаевдин кабинетине каалга чертпей кирип барса, Майрам Дүйшөновна үйгө кийчү тапичкеси менен президентти шакылдатып башка койгулап атыптыр. Анан Ишенбай бечара: «Ой, кечирип койгула!» – деп каалганы кайра жаап чыгып кетери менен «Бул киши чатакташканыбызды көрүп калды» деп эртеси кызматтан алып салыптыр.»

Жазуучулардын көбү буга ишенип алып, имиш-имишти ого бетер күчөтүп ийишет. Ишенбегендери «Ошондой болуптурбу?» - деп Жигитовдон сурашса, ал томсоруп туруп: «Ооба, кудай урган Ишенбайды өтө маданияттуу, билимдүү дипломат деп жүрсө… Ботом, Президентке киргенде өзү деле этика боюнча эшикти тыкылдатып кирбейби, ага чала болуптур»,- десе, тигилер биротоло ишенип алышыптыр. Салижан Жигитов ушуну айтып берип, ишенчээк интеллигенциябызга санын чаап күлчү экен.

*Арслан Койчуевдин эскерүүсүнөн:*

«2005-жылдын январы болчу. Кыргызстан парламентке шайлоо өткөрүү саясаты менен кызуу алек болуп аткан. Салижан агайга учураша кетейин деп, «Манас» университетине баш бактым. Ордунда эмес экен. Секретарь кыз бир жакка кеткенин айтты. Доцент Мурат Кожобеков экөөбүз күтүп отуруп калдык. Бир маалда Салижан агай шуулдап кирип келди.

- Американын элчиси чакырган экен, ошондон келатам, - деди.

- Тынч элеби, агай? Эмнеге чакырыптыр? - дедик.

Анда Салижан агай:

- «Акаев кыргыздарды алдады», - дейт Американын элчиси. Анда мен айттым: «Кыргыздар наивный эл, аларды мен деле алдап коём. Акаев мына силерди алдады!" - дедим эле, элчинин көзү чекчейе түштү, - дебеспи.»

Салижан Жигитов менен Бексултан Жакиев Акаевдин коомдук кеңешчилери болуп турганда, Төлөмүш Океев Түркияда элчи экен. Ал киши досторун тамашалап сурап калчу дешет:

- Что там говорят придворные звездочёты?

Бир жолу жазуучулар сүйүү жөнүндө сүйлөшүп калышат. Салижан Жигитов да өз оюн айтмакчы болгондо, Мурза Гапаров айтыптыр:

- Салижан, билем: сен менден акылдуусуң, менден көп китеп окугансың. Бирок ушу сүйүү темасын мага эле койчу.

«Ушинтип Мурза мени сүйлөтпөй койгон», - деп каткырып калчу эле.

Бир күнү Илимдер Академиясындагы чоң жыйында сынчы Кеңешбек Асаналиев сөз алып: "Турдакун Усубалиев мени да нечен жыл куугунтуктап, кубалап жүрбөдүбү”-, деп жатканын угуп олтурган Салижан Жигитовдун жаны кашайып: "Э, айланайын, Кеңешбек Асаналиевич, сиз Турдакун Усубалиевичтен качып жүрүп, мени кууп жүрдүңүзбү? - деп ийиптир.

Көрсө, Асаналиев Жигитовдун басма планына кирген кайсы бир китебине каралаган жабык рецензия жазып, Борбордук Комитетке жөнөтүп жиберген экен, натыйжада Салижан Жигитовдун ошол китеби жарыкка чыкпай калыптыр...

Акаев президент кезинде Жигитов менен Жакиев анын коомдук кеңешчилери экен. Бир күнү экөө шахмат ойноп отурса, «легендарлуу» парламенттин депутаты Байжиев келип калат.

– Ии, акылчылар… Оюндан омурткаңар сынып отурасыңар, – десе, Сакең шахматтан башын көтөрүп:

– Акаевге акылымды айтып, андан артканын мына бул досуңа айтып атам. Бирок түгөнчүдөй эмес, кысталак. Сага да жетет, мага ушинтип тез-тез келип тур, – дептир.

Бир жолу Салижан Жигитов «Кыргызстан маданиятына» келсе, редакциядагылар түштөнүп атышыптыр. «Келиңиз, агай», - деп төргө

өткөрүшөт. Кукеш деген өзү ыргайдай арык, көзү жүлжүк, өңү серт жаш кабарчы: «Менин артыман далай сулуу кыздар чуркаган, аялды тандап жүрүп албадымбы», - деп кебетесин унутуп калып эле мактана берет. Бир убакта чыдабай кеткен Салижан Жигитов:
- Э, Кукеш, экөөбүздүн кебетебиз бу, боюбуз тиги болсо, анан кайдагы сулуу кыздарды тандамак элек? Колго тийгенин алдык да, ээ, туурабы? - деп баарын күлдүргөн экен.

Салижан Жигитов Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинде иштеп жүрүп, ал жактан кетип жатканда, Жээнбай Мукамбаев агай аябай кейиген экен:
- Салижан, сен бекер кетип атасың. Пара албаган жалгыз окутуучубуз бар деп сени менен айрыкча сыймыктанып жүрчү элек. Эми биз пара албайт деп кимди көрсөтүп сыймыктанабыз?

Салижан Жигитов Майрамкан Абылкасымованы: "Майрам, сен жакшы күйөөгө тийдиң, сени Сагын Наматбаев багат, а сен бизди бак"-деп тамашалачу экен.

Илгери Чыңгыз Айтматовдун атак-даңкы таш жарып турган жетимишинчи жылдары Кыргыз радиосу (азыркы КТРК) Ч.Айтматовдон интервью алууну пландаштырат. Бул жооптуу ишти Салижан Жигитовго жүктөшөт. Радиодон кеч чыгышат. Дароо үйлөрүнө жөнөп кетишпей, калган аңгемени көчөдөн улантышып, көпкө туруп калышат.
- Ие, Салижан - дейт Чыке, - Бу, мен аяк-буякта командировкалап көп жүрүп, убактым болбой, бизден кийинки жаштардын чыгармаларын окуй албай жүрөм. Деги чыныңды айтчы, бизден кийинки жаштардын дүбүртү кандай? - десе, жообу даяр, шайыр Сакем:
- Чыке, бир коркпоңуз. Артыңыз жымжырт, - деп каткырган экен.

Чыке менен Саке телестудиянын алдында көпкө аркы-терки басышып, аңгемелешип, канча убакыт өткөнүн да байкабай калышат. Бир маалда Чыке саатын карап:
- Ой, Саке, кеч болуп калган турбайбы, кетели, - деп калдаландап шашып калат.
- Жүр, мен жеткирип коёюн, - деп Чыке кызмат "Волгасынын" арткы эшигин ачып, Сакеге "кел, түш" дегендей ишарат кылат.
- Жок, түшпөйм - деп Саке кетенчиктеп, артка кетет.
- Сага эмне болду? - деп Чыке түшүнө албай чочуп кетет.

- Сенин машинеңе эмес, керек болсо кезинде Чыңгыз Айтматовдун машинесине түшпөй койгом деп кийин айта жүргөнгө жакшы, - деп адатынча карсылдап каткырып күлгөн экен.

Турар Койчуевдин 60 жылдыгы болуп калат. Куттуктоолор Президент, Премьер-министрдин атынан окулат. Оголе көп куттуктоолор эки саттан ашык окулуп, залдагы эл куттуктоо сөздөрдөн жадаган кезде сөз С.Жигитовго жетет. Саке сөздү баштаганда эле:
– Азыр калем кармагандын баары арбактар менен сүйлөшүп калды. Алардын арасында мен да бармын. Анан мен да майда-чүйдөлөрдөн эмесмин. Азыр эле тойго келатып Карл Маркстын арбагы менен кобураштым. Ал мага: «Мен эми орустарга таарынбайм, анткени алар менен көзүмүн тирүүсүндө эле талашып-тартышып жүрчүмүн. Бирок Турар Койчуевге абдан таарындым. Ага айта бар, менин «Капитал» деген эмгегимди окуп жүрүп, илимдин кандидаты болду. Кийин аны кайта-кайта көчүрүп доктор, акыры академик наамына жеткен. Андан соң рынок экономикасы келип, баары сатыла баштады. Мейли, сатылсын, бирок ушу Турар Койчиев мени сатып кетет деп эч оюма келбептир», – деди деп, трибунадан түшүп кеткен экен.

Академиктерден бирөө:
- Э, Салижан, башка окумуштуулардын баары эле 10-15тен аспирант чыгарды, а сен Искендер Жумабаевден башка эч бир аспирант тарбиялабапсың да, - десе Сакебиз:
- Ит менен арстандын айырмасы эмнеде? Иттин тукуму көп, арстандыкы бирөө эле болот, - деп жаагын жап кылыптыр.

Кайсыл бир жылдары адабий томдуктарга жазылуу абдан мода болуп кетпеди беле. Анан бир күнү Салижан акеге Ош университетинин бир профессору конокко келип, чай үстүндө Толстойдун он томдугун, Хэмингуэйдин төрт томдугун алганын айтып мактана кетти дейт. Аны угуп "ии, жакшы, жакшы" деп отурган Салижан аке бир оокумда тигиге: "Эми анын баарын окуп чыкканга бир мээ да сатып алыш керек болот турбайбы", - деп хахалап күлүптүр.

Токсонунчу жылдардын башында Кыргызстанда эл катуу кыйналып, көзү ачыктардын да ансайын көшөрө көбөйгөн кези. Ушундай "көзү ачыктардын" бири Кыргызстанды дагы бир кырсык тооруганы калганын алдын ала элге жеткирип коёюн деген тейде бир курдай Салижан Жигитов жетектеген "Азаттык" радиосуна келип калат. "Элден пейил кетип, ырыс качып турат. Эл пейилин оңобосо, арбактар каргап, Кыргызстанды дагы

бир жаратылыш кырсыгы каптайт. Жер титирөө болушу мүмкүн"- дейт "көзү ачык". Салижан Жигитов көздөрүн ого бетер жүлжүйтө тиги "көзү ачыкка" карап, "Сен аны кайдан билдиң?" - деп сурайт. "Арбактар айтып атпайбы"- дейт "көзү ачык". Анда каңырыгы түтөгөн Салижан Жигитов "Силер тиги дүйнө менен сүйлөшө алат экенсиңер. Мен сүйлөшө албай жатам. Силердин колуңардан келет экен, айтсаңар боло арбактарга, шоруң каткыр Кыргызстандын башы шордон арылбай койду, эл ансыз деле кыйналып, жүдөп жатат. Арбактар ошол кырсык, кыйноосун азырынча башка жакка жиберишсе боло!" - деген экен көзү ачыкка.

Кубанычбек Маликов бир күнү Жигитовго:
– Салижан, сен абдан кыйын жигитсиң. Өзүң акынсың, билимдүүсүң. Анан ботом, алдагы кепкадан көрө кыргыздын жакшынакай калпагын кийип жүрбөйсүңбү. Кепка сага жарашпайт экен, - дегенинен Сакебиз атайы бир күнү калпак тиктириптир. Бирок анысы чоңурак келип калганынан базардан чаар топу сатып алат. Аны калпактын алдынан баса кийип алса, жараша түшөт. Бирок Сакебиз калпак кийип келген күнү К.Маликов жок. А кепка кийген күнү дайыма карпа-күрп кезигишчү экен. Бир күнү К.Маликовдун ордунда отурганын көрүп, үйүнө чаап барат да, кепкасын ыргытып, калпагын кийип, кайра тезинен келе калат. Анан койкоңдогон Саке күзгүгө каранып, калпагын түзөнүп атканын көргөн Маликов:
– Во-оо… калпак сага койкоюп калат турбайбы, – десе, Сакебиз калпагын шарт чечип, анын алдындагы топуну көрсөткөн экен:
- Мына, Куке, жарымым – кыргыз, жарымым – сарт болгон үчүн жарашып жүрбөйбү.

90-жылдардан кийин Кыргызстандан орустар кете баштаганда, жармач патриоттордон бирөө:
– Булардын кетип атканы жакшы болду. Болбосо бизди 70 жыл бою жакшы эле эзип келбедиби, – десе, Сакебиз:
– Эй, орустар бизди 70 жыл эзген жок. Биз орустарды 70 жыл эздик. Алар бизге мектептерди, кабат үйлөрдү, завод-фабрика, суу сактагыч, көпүрө, электр станция ж.б. ж.б… куруп бербедиби. Бечаралар акыры «Буларың эч нерсе үйрөнө албаган ит эл турбайбы» деп эзилип бүткөн үчүн кетип атпайбы, – деген экен.

Түркиядан келген меймандар Сакебизден сурайт дейт:
– Силерди ушуга чейин боз үйдө жашаган калк деп айтышчу эле. Бирок заңгыраган кабат үйлөрдү кантип кургансыңар? Силерди канча көчмөн эл деген менен шаарыңар укмуш экен го, татынакай театр, музейиңер турат, – десе Сакебиз:

– Бул шаарды биз курган эмеспиз. Жалаң орустардын мойнуна минип, ошолорго курдурганбыз, – дейт.
– Азыр алардын көпчүлүгү кетип атса, эми кимге курдурасыңар? – десе, Сакебиз:
– Эми түрктүн мойнуна минбей жаныбыз жокпу, – дептир.

С.Жигитов А.Акаевдин кеңешчиси болуп турганда жоон топ аким, губернаторлор президенттин кабылдамасында отурат дейт. Аларды көргөн Сакебиз:
– Ой, кыргыздар, элде ачарчылык, кыйынчылык дейсиңер, бирок бетиңерден май тамып, бир да ачарчылык көрүнбөйт го. Губернаторуңардан тартып акимиңерге чейинкилердин курсагын карагылачы, а мынабу айыл башчысычы… Башканы койдум, жадагалса араңарда турган береги журналисттин курсагын карагылачы, – дегенине баарысы бири-биринин чердейген курсагын карап, мына анан чердейген курсактар сүлкүлдөп күлө баштаган экен.

Т.Сыдыкбеков «Кыргыз эл баатыры» наамын алганын уккан К.Жусупов С.Жигитовго:
– Түкөмө наам алганын куттуктап, барып койбойлубу, – дейт. Бирок К.Жусуповдун жанында сокур тыйын жок экен. Анда Саке:
– Сен ушинтип дайым эле унчукпайсың, – деп акчаны жалгыз өзү чыгарат.
Жолдон торт, анан гүл алышат. Бирок тортту да, гүлдү да Кеңеш досуна көтөртүп коюп, өзү койкоңдоп алдыраак басып кетет.
– Эй, сен түрктүн байына окшобой, жок дегенде бирөөсүн көтөрүп алчы, – десе, Сакебиз:
– Эгер мен түрктүн байына окшосом, түрктүн малайы да так сендей болушу керек. Келжектебей көтөрсөң, – деп, экөө бирдей каткырыптыр.

«Легендарлуу» парламентте отургандарды С.Жигитов интермедия кылып, «Кыргызстан маданияты» гезитине сандан-санга тамаша кылып чыгарганы А.Акаевге майдай жакчу экен. Президент бир күнү Сакебизге жолуккан жерден:
– Сиз парламентти укмуштай согуп атасыз. Алардын айтышын интермедия кылып жазгандарыңызды жыргап окуйм. Эрдик жасап атасыз, эрдик! – дейт.
Анда Сакебиз:
– Ой, ботом, өзүм Жигиттин баласы болсом, жигиттик кылам да. Эрдик кайдан кылайын, – дептир.

1990-жылдардын башында Анкарада түрк элдеринин латынча орток алфавитин кабыл алуу боюнча чоң жыйын болуп, ага Кыргызстандан өкүл болуп Салижан Жигитов баштаган окумуштуулар барышат. Жыйындын аягында орток алфавиттин долбоору кабыл алынып, делегация башчылары кол коюшса, Казакстандын делегация башчысы: «Биздин андай ыйгарым укугубуз жок», - деп коркуп, кол койбой коёт. Ошондо Салижан Жигитов Түркиянын белгилүү тилчиси Зейнеп Коркмаска айтат дейт:
- Эже, менин фамилиям Жигитов болгон үчүн тайсалдабай кол койдум. Мына бу коркуп турган казак туугандарга фамилияңызды бере турбайсызбы, долбоорго кол коюп беришсин.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында кыргыздардын дүйнөлүк курултайы өткөрүлмөкчү болуп, атайын комиссия түзүлөт. Комиссиянын биринчи отурумунда Салижан Жигитов курултайдын зарылдыгы жок экенин, андан эч кандай пайда болбой турганын, ага кете турган акчаны минтип эл кыйналып турганда «ыштаны жок ычкырына сүйүнөт» болбой башка нерсеге жумшаган туура болорун айтса, Төлөгөн Касымбеков:
- Салижан, Салижан! Ар качандан бир качан кыргызга душман болосуң да жүрөсүң! Ушунуңду качан коёсуң! – деп чаңырса, Сакең кенебей туруп:
- Ой айланайын Төкө, кыргызга мендей бир душман керек болуп атпайбы! – деп коёт дейт.

А.Акаев өлкө президенти болгонго чейин С.Жигитов экөө бир үй, бир короодо жашап, экөө күндө эртең менен бирге чуркачу экен. Жигитов ал кезде «Кыргыз экциклопедиясынан» бошоп, жумушсуз жүргөн экен. Бир күнү эртең менен А.Акаев экөө кобурашып калат:
– Салижан Жигитович, эми кайда иштейин дейсиз?
– Илимдер академиясында иштесемби деп атам.
– Андан көрө ЖОЖдордун бирине барыңыз. Аякта тогуз ай иштеп, үч ай каникулда болосуз, – десе:
– Аскар Акаевич, сиз эч нерсе билбейт турбайсызбы. Академияда андан жакшы. Ал жакта бир ай план түзүп, он бир ай каникулда жыргап жүрөсүң, – дептир.

Жигитов Өзбекстанда элчи болуп турганда, Түркиядан өкүлдөр келип, алардын тарыхын, маданиятын сурайт. Бирок бир да өзбек өз элинин тарыхын жарытып айта албай койгондо, Сакебиз чыдабай кетип:
– Мына бул чапан кийген топучан өзбекти көрдүңөрбү?
– Көрдүк, – дейт түрк делегаттары.
– Көрсөңөр, мындан 3-4 кылым мурда деле өзбектин кийгени ушул болгон. Бирок ошондон бери булар чапанына топчу кадай албай келатат, – деген экен, өзбектер да, түрктөр да каткырыптыр.

Элчиликтен бошоп келгенин уккандар бир күнү:
– Эмнеге эрте келип калдыңыз? – деп сурашса, Сакебиз:
– Иштейин деп баргам. Бирок Акаев мага телефон чалып, мен Каримов менен сүйлөшүп, ортодо экөөнү байланыштырып турам го десем, экөөменсиз эле телефондон түз сүйлөшөт экен. Анан жумушу жок отурбайын деп келе бердим, – дептир.

Өзбекстандын бир журналисти Сакебизден сурайт:
– Өмүрүңүздө канча ката кетирдиңиз?
– Ой, айланайын, мени кой, СССР өлкөсү 70 жыл бою толтура ката кетириптир, анан ошол өлкөдө жашаган менин бүт өмүрүм ката менен өттү да, – деген экен.

С.Жигитов бир күнү көчөдө баратса, алдынан бейтааныш зайып чыга калат. «Көзү ачык эле, алаканыңызды көргөзүңүзчү» дегенде эле Сакебиз «Мейли, карасаң кара» деп, өзү айткандай, ичинен баш чайкап, чөнтөгүнөн акча сууруп, тигиге сунат. Бир топ күндөн кийин көзгө тааныш баягы көзү ачык көчөдөн жолугуп, Сакенин алаканын дагы бир жолу ачтырат. Саке анда да марттыгын көрсөтөт. Дагы бир жолу карпа-күрп кезигип калганда, көзү ачыкты Сакем өзү чакырат:
– Сага жолуккандан баштап менин да көзүм ачылып кетти. Бери келип, алаканыңды көргөзчү, бирок сенден тыйын албайм, – деп көзү ачыктын алаканын ачтырып:
– Сен жеткен жулик турбайсыңбы, – деген экен.

«Кыргызстан маданияты» гезитинин кеңсесине С.Жигитов күнүгө келсе, күнүгө эле тамак жеп отурушкан болот. Бир күнү аларды көргөн Саке:
– Оо, ырас болбодубу, бекер тамактын үстүнөн чыгыпмын, – дейт, босогодон аттаганда эле жайдаңдай.
Отургандар «баа» деп каткырып, ооздору жабыла электе Сакең «КМ» кожоюну Нуралы Капаровго:
– Ой, сен, байка. Буларың байдын дөбөтүндөй болуп семирип кетип үрбөй калышпасын, – деп отургандарды кыраан-каткыга тойгузуп, «дөбөттөр» отурган үстөлдүн эң төрүнө өтүп кеткен экен.

Сакенин ашказаны ооруп жүрүп, К.Жусуповдун кеңеши менен урологиялык дарылануунга өтөт. Бир күнү Р.Отунбаева экөө кезигишип калат. Сакенин шопоюп арыктаганын көргөн Роза айым:

– Сиз өтө эле арыктап алыпсыз, бирок арыктаганыңыз жарашат экен, – десе Сакебиз:
– Өз заарамды ичип жүрүп эле ушинтип жалпайган бетим татынакай болуп баратат, – дегенине Отунбаеванын боору эзилет, бирок ишенбейт.

Ошондон көп өтпөй, жоон топ эл каймактары чогулган жерде ким бирөө К.Жусуповдун ашказан оорудан кантип айыгып кеткенин сураса, тууррадан С.Жигитов чыга калыптыр:
– Кеңештин кантип айыгып кеткенин менден сурагыла, өзү чынын айтмак беле. А мен болгонун болгондой айтам. Бул досум өзүнүн сийдигин өзү ичип жүрүп эле айыгып кетти, – десе,
– Сырымды сага айткан мен да акмакмын, – деген Кеңеш досунун күйбөгөнү күл болуптур.

Аман Токтогулов КГБда иштеп турганда С.Жигитов экөө жолугушуп калат. Аман:
– КГБда кыргыз акын-жазуучуларынын бири-бири тууралуу компроматтары толуп кетти. Токтотушпайбы, – десе Сакебиз:
– Ошолордун бирден көчүрмөсүн бизге жылдыра бербейсиңби, – дейт.
– Ой, Саке, мен алардын баарын чогултуп туруп, өрттөп атпаймбы, – десе Сакебиз:
– Ооба, мен сага аябай ишенип калбадымбы… – деген экен.

Омор Султанов 60 жылдык тоюн берип атканда, конверттерге да, калпак, чапанга да карк болуп, тойго келгендердин каалоо-тилектерине да карк болуп турганда Жигитовго сөз кезеги келип, айтып турганы:
– Омоке, сен мына буларга ишенбе. Булардыкы калп. Мына меники чын. 60тан кийин сен «мышсың». Мындан кийин сенден жакшы поэзия да чыкпайт. Буга чейинки бергениңди бердиң, көргөндү көрдүң, сүйдүң. Булар сени алдап атат. Өзүң айткандай, «кашайып» 60 «мыштан» кийин сен акын боло албайсың.

Бул чын эле кийин Омокенин башына келди: «Сен жөнүндө поэмасы» уланбай калды.

Сакебиз дайыма азил-чыны аралаш бир кепти айтып калчу:
– Мен өлсөм, мүрзөмдүн башына: «Ушул бечара өмүр бою көпчүлүк «жижиң» калем кыргыз акын-жазуучулары менен окумуштууларынын жазгандарын оңдоп-түзөп жүрүп өттү» – деп жазып койгула!

Абдыганы Эркебаев студент курагында эле көз айнек тагынганын көргөн Саке:

– Оо, сен дагы Сооронбай Жусуевге окшоп олуттуу көрүнөйүн деген экенсиң, – дептир.

«Усубалиев 24 жыл Кыргызстанды башкарды. Чейрек кылым. Азыр айткан жоопторуңузду угуп отурсам, бир да ката кетирбегендей сүйлөп атасыз. Эми билип-билбей жылына эки ката кетирген болсоңуз, 25 жылда 50 ката кетирип атасыз. Ушуну моюнга аласызбы? Мен эми конкретный айтайын, сиздин эң чоң ката кетиргендигиңиз (кадр жагынан) – 25 жыл ичинде мына бул Абдуразаков менен Жигитовду көрбөй койдуңуз. Мына, Акаев келди эле, экөөбүзгө дароо кызмат берди», – дегенине Усубалиев шылкылдап күлгөн дешет.

Жазуучулар союзунун бир пленумунда чыгып сүйлөгөн С. Жигитов кашкайган бир чындыкты мына минтип балп эттириптир:
– Карагылачы, илимдүү-билимдүү сынчылар! Силер «Кыргызстан маданиятына» көтөрүп келген материалдарды 10-класс билими бар Алым Токтомушев оңдоп-түздөп гезитке чыгарып атат. Уялбайсыңарбы!

Муну уккан азуулуу адабий сынчылардын баштары шылк дей түшкөн экен. Көрсө, чын эле «Кыргызстан маданиятынын» сын бөлүмүндө иштеген А.Токтомушев академик, профессорлордун жазгандарынан өйдө гезитке оңдоп-түзөп жарыялачу тура.

Бою С.Жигитовдукунан да пекене С.Бирназаров деген басмада иштеген досу кайсы бир жыйынга катыша турган ал кездеги премьер-министр А.Жумагулов баш болгон мамлекеттик чиновниктерди күтүп аткан болот. Жыйынга адегенде С.Жигитов эрте келет. Бирназаров ордунан шап тура калып, саламдан мурда:
– Саке, чоңдордон кимдер келет экен? Жумагулов өзү келмей болдубу? – деп, андан кийин саламын берсе, Сакебиз:
– Мен сага окшогон майда кишилер менен учурашпайм, – дегенде отургандар дуу дей түшөт.

Жыйын катышуучуларын күтүп чебелектеген Бирназаров кайра суроо узатат:
– Жыйынды саат бирден кечиктирбей баштай берелиби? – десе отургандарды күлдүрүп:
– Мындай майда суроолор менен мага кайрылбай жүрчү, – дептир Саке.

С.Жигитов Кыргызстандын Өзбекстандагы атайын ыйгарым укуктуу элчиси болуп турганда өзбек тилдүү журналисттер да куйкум тилдүү Сакебиздин аскиячы экенин билип алып, көрүнгөн суроого жооп сурай берчү экен. Эмне болсо эле суроолорун Сакебизге жаадыра беришет. Бир

күнү аны жабалактаган журналисттер курчап алып, өзбек жөнүндө чыгарган жаңы анекдотторунан уккусу келет. Сакебиз ошондо мамындай анекдот чыгарып ийиптир:
– Орустан «бул дүйнөгө эмнеге келдиң эле?» деп сураса, «арак ичип сайрандаганы» дейт. Еврей байыганы келгенин айтат. Өзбек болсо «Ислам Каримовдун 5 принцибин аткарганы гана келдим» дептир (И.Каримовдун мамлекеттик беш принциби бар экен). Мунусу тез эле жайылып кетиптир.

И.Абдуразаков сураптыр:
– Саке, деги сен кудайга ишенесиңби?
– Кудай бар экенине ишенейин дейм, бирок, кудай деп жүргөндүн баары кор болуп атпайбы. А кудайды оозуна албагандар сайрандап жашаганын көрүп мен да сайрандап жашаш үчүн кудайды оозума албай жүрөм, – дептир.

К.Бакиевдин көчүгү бийликке жаңы бекиген кезде журналисттер Сакеден сураптыр:
– Сиздин оюңузча, Бакиев кандай президент болгудай?
– Ой, мунуңар кагаз окуп атканда президент сыяктанып эле турат. А кагаздан башын көтөрүп сүйлөсө эле парторг көзгө элестей түшөт экен, – деген экен.

Сакебиз көп учурда үстүндөгү качанкы костюмдун бышыктыгына таң калгандарга:
– Абдуразаков чоң болуп турганы мага жакшы эле. Ал тез-тез семирип кетип, батпаган костюмдарын мага берчү. Кудай уруп, анын кызматтан түшкөнү мага эле жаман болду, костюмдары артпай атат, – дечү.

Бир күнү Салижан агай "социалисттик реализм" темасында лекция окуп калды. Бир жуп (анда "бир пар" дечүбүз) сааттан соң коридордо бирге баратып: "Агай, мен жакшы түшүнбөй калдым. Деги "социалисттик реализмдин" "реализмден" кандай айрымачылыгы бар?", - деп сурап калдым. Ошондо Салижан агай жаркылдай карап: "Ой, Айтмырза, ага башыңды оорутуп эмне кыласың. Ал - жок нерсе. Андан көрө ырларыңды турмушту сезимиң кандай кабыл алса, ошондой жаза берсеңчи!”, -деп күлүп басып кетсе болобу. Ошондо мен: "Ушунча түшүндүрсөм да түшүнбөгөн дөдөй тура, буга эмнесин айтам", - деп койду окшойт агай деп ичимден кыжалат болуп калдым эле. Көрсө, агай ошондо эле социалисттик реализмдин жасалма экендигин билген окшойт. Болбосо, СССР дүңгүрөп турганда минтип университет мугалиминин студентине айтышы оңбогондой таң калыштуу эле!

**Ишенбай АБДУРАЗАКОВ: «Сакем ички уңгусу боюнча ар бир кыры жаркыраган көөр таш сымал эле…»**

Бир жыл илгери кайсы бир белгилүү адамдын юбилейинин эртеси телефон шыңгырап калды. Тыңшасам Сакем экен, «үйдөсүңбү? » дейт. «Тышта болсом телефонду алат белем? десем, «Баса дейм да, сени кечинде эле эмес, күндүзгү тойлордун баарына чакырышат экен, ансыз той көркүнө чыкпай калыптыр деген сөз угуп калдым эле, болбосо жөн эле келе бермекмин. Болду, мен азыр барам» деп карсылдап күлдү. «Ой, мен азыр тойго кетип бараттым эле. Болуптур эми, сен биринчи жолу телефон чалып келмекчи болгонуң чоң жаңылык. Ошону белгилейли»…

Учурдагы абал боюнча толгон маселелерди талкуулап кирдик. Дүйнөнү бир чарк айланып келген соң демибиз сууду көрүнөт. Кечээки тойду эстеп, ылайыгы келгенсип айтып калдым: «Молдоке (ал экөөбүз бири-бирибизге ушундай кайрылчубуз), көп адам алтымыштан өткөндөн кийин ар бир беш жылда эле той берип жүрүшөт. Эмки жылы сен да жетимишке таянып калат экенсиң. Жакшылап өткөрүп коёлу. Көптөрдүн чайын ичтиң, алар күтөт, Сакемдин тоюнда жарпыбыз жазылып, чыныгы тойдун нускасын көрөбүз үмүтүндө өзүңдүн күйөрмандарың кудуңдап жүрөт»… деп , сөзүмдү бүтө электе эле: «Хо… хо… хо…, болду, болду… түшүнүктүү… Эч юбилей өткөрбөйм, молдоке, азгырба. Өзүң билесиң, биз бул дүйнөгө өз каалообуз менен келген жокпуз, кокусунан келип калган соң, адам катары башкаларга өрнөк болор иш да жасай албай жүрүп эле, эй, мен жетимишке келип калыпмын, сүйүнчү бергиле дегенсип, элди чогултуп алып, аларды кошоктоштуруп тизип коюп сөз бергендин өзү эле болбогон нерсе да. Же аларың көңүл ачар сөз айтпай, бири-бирин кайталап, сени көңүл үчүн мактап турса, а сен болсо, ошол сөздөргө маашырканып, жаш балдар Аяз атага кубангандай көзүңдү сүзүп, салабаттуу кыяпат көрсөтүп отурсаң. Эстүү-баштуу адам эмне деп ойлойт? Же мен бир элимди кулчулуктан куткарган каарман болбосом, же аларга айкын жол көрсөтүп, ошого ээрчитип кеткен даанышман болбосом…» - деп адатынча өзүн кичик кылып, адамдык парзды бийик көтөрүп, менин айтканыма көнбөй койду эле.

Тагдырдын жазмышына айла жок да. Өзүнүн тубаса тунук туюму шыбырап, «сен ал күнүңө жете албайсың» деп турдубу, айтор, бүгүн Сакемдин өзү жокто жанын кейитпей ойлогон оюбузду ортого салууга туура келди.

Өгүнү айттым эле: Сакеми биздин коомубуздун бүгүнкү күндөгү өлчөмү менен бааласак, сырткы кеби эмес, ички уңгусу боюнча ар бир кыры жаркыраган көөр таш сымал көрүнгөн талант эле. Анын биринчи

кыры поэзияда ачыла келди. «Шуулдаба, терегим, теректерим» элегиясы чебер зергер кынаган сөздөрдүн куюлушкан музыкалык ыргагы арбаган окуучунун эсинен кеткис эстетикалык рахаты менен эле чектелбестен, ички мазмуну да көптөгөн адамдардын карегин ачыштырып, шуу үшкүртүп, ыйлагысын келтирген эмоциялык таасири аркылуу элдин эсине сүңгүп кирип кеткен классикага айланды десек да кыжалат болууга эч негиз жок.

Поэзияда Сакем котормо жагына да кызыгып кетти. Башкалардан айырмаланып, ал классикага азгырылбай, бүгүнкү шартка ылайык, өзүнчө энергетикалык касиети бар акындарга кайрылып, анын ичинде түрк акыны Назым Хикметке айрыкча көңүл бура баштаганын уккан соң, орус тили аркылуу которсо акындын өзгөчөлүгүн так чагылдыра албай калбасын деп, Москвадан чакан түрк-орус сөздүгүнө Болгарияда басылган Хикметтин ырлар жыйнагын кошуп алып келип бердим. Өзү да айрым китептерди таап алган экен, баш-оту менен кирип кетти. Кийинчерээк анын котормосун окуп, орусча варианты менен салыштырып, түркчө нускасына да жалпысынан кайрылып көрсөм, негедир, кыргызчасы мага өзгөчө көркөм, ал эле эмес, кыялды алоолонткон сыйкырдуу аурасы бардай сезилип, «Мажүрүм талды» окуганда хроникалык кино көргөндөй, окуялар көз алдыман өтүп турчу эле. Конгениал котормо деген ушул да деп ойлоп койдум, бирок Салижанга аны айткан жокмун — анын сырын билем да: «Ой, молдоке, дагы жетпей калды» дейт эле. Поэзиянын күчү керемет эмеспи, Сакем кайдан окуганын ким билет, мага айтты: «Хикметтин ошол ырын окуп, Ататүрк да көзүнө жаш алып, атаганат, бул адам биз менен болсо болмок экен, коммунист болуп калганын карасаң» деген имиш.

Поэзия багытында иштей берсе кыргыз тилин байытып, стилин кеңейтип да тереңдеткен көп асыл чыгармалар жаралмак. Ал ошол кезде эле устат болуп калеми курчуп, башы ойго, жүрөгү көркөм кыялга каныгып калган. Кайсы жыл экени эсимде жок, Тургуналы Молдобаев, Жолон Мамытов болуп Арсланбапка, андан нары Сарычелекке барып калдык. Жолдо жүрүп, ар нерсе жөнүндө сөз болот да. Барпы, Жеңижок, комузчу Ниязаалы… эстебеген кишибиз калган жок көрүнөт. Азыркы акындарга сөз кезеги жеткенде Жолон айтып калды: «Ыр жазган жагынан Салижан акемден ашкан зергер устатты көрө элекмин. Таң калам. Бирок бу киши өтө эле акылдуу да. Жарыктык киши, саал эле наивный болсо кандай сонун болор эле» дегени эсимде кыт куйгандай калыптыр.

Проза да жазып көрдү. Бирок эртелеп илимге кирип кетти. Мен бир жолу өзүмдүн түшүнүгүмчө: «ушу сен адабиятта эле жүрсөң улуу классик болот элең. Илимде көркөм чыгармачылыкка убакыт калбай калат» десем, берген жообу бу: «Ээй, молдоке, сен четте жүрүп, бул жердин шартынан алыстап калдың. Бүгүн бизде, кыргызда, ким көп? Адистер, өнөрчүлөр, инженерлер менен техниктер эмес, жазуучу көп. Анын көбү «эмгек

сиңирген» наам алган, көкүрөгү орден, медалга толгон. Ошолор өзгөчө артыкчылыгы бар эрке адамдар. Жазган ар бир ыр сабы үчүн итапкан гонорар алышат, китептери том-том болуп кезек менен чыгып турат. Оокат-тиричилигинен кам санабайт. Сынчы болсоң достон душманың көп болот экен, бу биздин жазуучуларга кашкайган чындыкты айтсаң да таарынат, себеби ар бири өзүн өзгөчө талант катары эсептешет. Анын үстүнө алардын кудай берген канаты болбосо, миң жолу сындасаң деле, оболотуп учура албайсың да. Сынчы бу бекер кесип экен.

«Акын же жазуучу болуп, тынч оокат кылыш үчүн жанагы «эркелердин» катарына кошулуш керек. Өкмөт менен партиянын саясатын даңазалап, оң каармандарды ойлоп таап, идеологияга шыкалган чыгарма жазбасаң, гезиттерге майрам сайын ыр жарыялап турбасаң, жогоркулардан эч ким этибар албайт. А мен, кембагал, андай ишке бара албайт экемин. Китеп чыгарыш үчүн бирөөнө барып, ортомчу салып, конокко чакырып, көңүл алыш керек экен, көз каранды болуп калат экенсиң. Мен буга да жарабайм да. Азыр туруктуу айлык алып, катын-баланы багыш үчүн илимден башка жол көрүнбөйт. Аякта ишиңе жараша, алышса-алышып, чалышса-чалышып, теңата болуп жүрөм. Чоңдору менен да теңтуш болуп алдым» дейт.

Кийинчерээк Илимдер Академиясында иштеп жүргөндө сөздөн сөз чыгып отуруп бир окуяны айтып берди — «Элдин баары эле сурайт: Академияда иш көп болсо керек дешет. Мен тамаша кылып: балакеттиби, ал жерде тим эле жыргализм. Түшкө чейин отурам, түштөн кийин шапкемди столдун башка бурчуна тескери каратып коюп кетип калам. Элдин баары бу эми эле сыртка чыккан турбайбы деп ойлошот. Кечинде келип, шапкемди алып кетем» деп койсом, аны дароо эле ошо кездеги партиянын шаардык комитетине жеткизип коюшуптур. Бир күнү шаардагы партиялык уюмдардын секретарларын шааркомго чакырып, ал кездеги биринчи секретарь Карыбек Молдобаев кеңешме өткөрүп, айыл чарбада түшүмдү коротпой жыйнап алыш үчүн күн сайын жардамга кызматкерлерден жиберип тургула десе, академиянын өкүлү башка шылтоо таппагансып, «бизде азыр илимий иштерди жыйынтыктоого убакыт аз калды, бизди бошотуп койсоңор экен» деп сураныптыр. Куру шылтоо экенин дароо түшүнгөн Молдобаев «Академия азыр жыргализм. Аны Салижан Жигитов айтып жүрөт. А киши туура айтат, мен ага ишенем. Бир кишини кыскартпай, Академияны айрыкча контролго алгыла» деп коюптур. Бир маалда эле Тарых институтунун директору мени көрө коюп «Ай, Салижан, сен бул жерде жыргап жүрсөң, эч кимге жар салбай жүрө бербейсиңби, эмне, көрүнгөн көчөдө калжырап, «бизде жыргализм» деп жүрөсүң. Мына сенин айыңдан баарыбызды жумушка айдабатат» десе болобу. Эмне дээримди да билбей «Ой, кечиресиз, бул академиядагы чоң сырды бекем кармап жүрдүм эле, шайтан сайып оозуман чыгып кетиптир. Бирок мен айткам: директорлор эле, байкуштар, куурап иштеп жүрүшөт,

биз, калгандарыбыз үчүн жыргализм» дегенмин десем, аргасыз күлүп «Э, бачагар, сенден сөз качып кутулбайт, тилинди кесер киши жок, жүр, андай болсо шахмат ойнойлу» деп, кабинетине кирип, аны утуп алдым. Мени алая карап «эй, сенде уят барбы?» дейт. «Уят болгон үчүн элдин көзүнчө утуп атпаймбы. Куурап иштеп жүргөн кишинин шахмат ойноого убактысы болбойт, тренировка кыла албайт, а мен жыргап жүргөн кишимин, күн сайын шахмат ойнойм. Кокус сиз утуп алсаңыз, элде тескери түшүнүк болуп калбайбы» деп, баарыбыз шатыра-шатман күлүп алдык.

Ошентип жүрүп романтик-акын досум прагматик-илимпоз болуп кетти. Азыр ойлосом, анысы деле туура болгон экен. Себеби Салижандын кыргыз элинин тарыхына, басып өткөн жолуна, дүйнөлүк агымга байланыштуу кенен кругозору так ошол адабият таануу илиминдеги изилдөөлөрү менен тыгыз байланышта. Улуттук адабиятыбыздын башатынан берки жолду традиция жана жаңылык өңүтүнөн караганда көркөм чыгарма коомдогу абалдын, элдин рухий дүйнөсүнүн, ой жүгүртүү деңгээлинин, интеллектуалдык жана да маданий деңгээлинин күзгүсү экендиги таасын көрүнөт. Мына ушул нерсени объективдүү көрсөтүп берүү үчүн да тийиштүү эрудиция болбосо, идеологиялык шаблондун торуна түшүп, тар көзкараштан сыгылып чыккан келегей жыйынтыктан нары жылыш мүмкүн эмес. Салижан ушул жолдо жүрүп адабияттын ченелүү алкагынан чыгып, жалпы коом таануу, адам таануу дүйнөсүнө багыт алып кетти. Ошондуктан ал кызыкпаган проблема аз эле. Окубаган китеби калбады. Окубаганын башкалардан сурап билчү. Дыкат менен көңүл бөлүп билгиси келген маселелер өтө эле кенен болгондуктан айрым жеке багытына сүңгүп кирген деле жок, бирок замандын өзгөрүү мыйзам ченемдүүлүгүнө байланыштуу ой-пикир боло калганда тим эле кыраан куштай чапчып кармап, эсине сактап алчу. Көп учурда анын чын-төгүнүн башкалардын баамы аркылуу текшерип, эгерде эртерээк айтып койгон болсо тыянактарын кайрадан түздөп турар эле. Ал, менин жеке оюмча, эч качан догманын торуна чалынган жок; мурда ишенип жүргөн нерсе турмушта өзүнүн чындыгын тастыктай албаса, андан дароо баш тартчу, ошондой эле замандын агымына жараша жышаналуу жаңы көрүнүштү калган элдин оюна карабай, колдоп чыкчу. Ошентип, адабияттагы салт менен жаңылык темасы Салижан үчүн турмуштун негизги темасына айланып кеткен. «Туура, бирок ошого жарай турган жаштар барбы? «Аганы көрүп ини өсөт» дегендей, аларга деле улуулардын илдети жугат да» десем, «Жоок, чыгып калды. Мына түштүктү эле алалы. Азыр республикалык деңгээлге көтөрүлгөн түштүктүктөрдү көрүп, быяктагылар ирээнжишкенин да түшүнсө болот. Өзүмдүн ичим чыкпайт. Тааныштык менен, жетекчилерге өтөгөн кызматы үчүн көтөрүлгөнү көрүнүп турат. Азыр билими жогору, камчы салдырбай, аркалыктардан кем калбай иштеп кете турган жаштар бар. Ошолор көз жаздымда калып атпайбы. Себеби алардын сүйрөп кете турган тягачы жок. Трагедия эмнеде? Нукура «кадр саясаты жок…» «Түндүк-түштүк» деген жасалма тирешүү да ошондон

чыгып келатат. Иштин көзүн билип, калыс болуп, элдин көзүнө көрүнгөндөй үзүрлүү эмгек кылса, ага ким наараз болсун. Мына, Раззаков эл оозунда жүрөт. Менимче анын себеби бирөө эле — а киши элди эч убакта бөлгөн эмес, ошол кезде ишке жарамдуу кадрларды жерине карабастан бапестеп өстүрүп көтөрүп турган. Ал жалпы кыргыз элинин намысын ойлогон» дейт.

Мен өзүмдүн кошумча оюмду айттым «Раззаков жөнүндө көп айтабыз, бирок анын эң негизги сапатын эске албай жүрөбүз. Ал эмне үчүн каракылды как жарган калыс болгон? Анын табият берген акылы, зээни, чечендиги өзүнчө маселе. Ал кыргыз чөйрөсүнөн тышкары өсүп, калыптанган адам. Биздин элге мүнөздүү феодалдык, уруу-уруктук психологиянын эпкини тийген эмес. Жетим болгондуктан туш-тушунан тегеректеп ар нерсе сурагандар болбогон. Бөтөн чөйрөдө өскөн адам жеке өзүнүн аракетине таянат, өзүнүн түпкү элинин тагдырына зирек карайт, анын намысы курчуйт. Ошондуктан андай адамдар жалпы улуттук масштабда ойлонот, баарына тең, калыс болот. Өзүң айтып жүргөн Ататүрк элинин тагдыры көпүрөгө асылып калганда, өлкөсүн сактап калыш үчүн кан кечип ажалга түз карап жүрүп курчуса, Раззаков өз элине сырттан көз салып, анын оң-тескери сапаттарын баамдап жүрүп, акыры бийликке келгенде, элди канткенде алга чыгарса болоорун тунук акылынан өткөрүп жүрүп курчуган. Өз элин сырттан караган адам гана ага калыс мамиле кыла алат — алар эртеңки келечекти да даана көрө алат, себеби кечээги менен бүгүнкүнү талдайт, башка элдерге салыштырат, элдин жакшы сапаттарын сактап, кедерги болгон көнүмүшүнөн, эскирген салт-санаасынан кутулуу жолун даана көрө алат» десем, Сакем көздөрүн жүлжүйтө ойлоно калып, сөөмөйүн өйдө көтөрдү да «во!» деп коюп, «ой, сен ушуларды жазсаң боло, бул кызык ой экен» дейт.

Сакем эч убакта кызаңдап талашчу эмес. Тек гана монолог айтып аткандай ойлогон ойлорун жобурап шуруга тизгендей уланта берчү. Кээде карс-карс күлүп алып, кыска формуладай ачуу жыйынтык жасап койчу. Анын айткандарынын наржагында кашкайган чындык жатса да, кээде анын айрым сөздөрү, репликалары көп адамдарды чычалатып жибергенин эске алып: «байкап сүйлөсөңчү» маанисинде кеңеш берген күндөр да болгон. «Ой сен, молдоке, көп жыл дипломатияда жүрүп» өтө эле сак болуп кеткенсиң да. Бизде четин чыгарып сылык айткан пикир кулактын сыртынан кетет. Ачуу айтсаң — эси бар адамга ошол жетет, жетпеген адамга айтып кереги эмне? Кыргыз интеллигенциясынын көздөрү желкесинде» десем таарынышат. Ошол таарынычтын өзүндө эле мандем бар да. Бүт дүйнөдө илим-билимге, технологияга, кумурскадай талбаган эмгекке таянган эл алгалап бараткканын өзүң айтып какшап жүрөсүң. А биздин интеллигенция жомок айтып, иллюзияга чөмүлүп кетти. Биз кыйынбыз, байыркыбыз, баатырбыз дешет. Андай болсо эмнеге кембагал болуп, элибиз тентип четте жүрөт? Балдарыбызды өнөргө, адистикке,

мээнетке үйрөтүш керек. Бизде өксүк комплекси болгондуктан өзүбүздү кыйынбыз деп сооротуп жүрөбүз. Өнүккөн элдер небак мифология угутунан өскөн ой жүгүртүүдөн чыгып, рационализм, практицизм, прагматизм жана башка акылга байланган «измдер» менен жашайт. Ансыз прогресс болбойт. Же жалганбы? Мен какшап айтып жүрөм: биз кыргыздар артта калганыбыз — кашкайган факт. Бирок ал кыргыздардын башы иштебегенден эмес, алардын башы башкалардан кем эмес, себеп — ошол башты иштетиш үчүн тийиштүү шарт болгон эмес, биз азыркы заманга ылайыктуу ыкмага өтүшүбүз улуттук тагдырдын маселеси…

Ушуларды айтып келип, «сага бир тамаша айтып берейин. Өзбекстандын бир куудулу бар. Телевизордон көрүп алып күлдүм эле. Ал мынтип атпайбы: өзбектердин калласы барбы? Бар. Алар качан иштейт? Эй, шашпагыла. Убакыт келет. Мына, көрсөңөр, япондордун калласы кичинекей-кичинекей болот экен. Эмне үчүн? Себеби алар көп ойлонуп, иштеп жүрүп кичирейип баратат. Биздин өзбектердин баштарын караң баарысы чоң-чоң. Алар азырынча ишке кирише элек. Алар азыр — запаста… Ошолор иштей баштаганда «бизге оомат келет» дейт. Мына өзбектерге өкмөтү рынокко ылайык шарт түзүп берсе дүрт этип өсүп кетет. Булар абдан иштерман эл да. Тажиктер да ошондой. Алар алгалап кетсе, ошондо кургур биз кантебиз? Мына бизде байлар пайда болду. Бирок карап көрсөң, токсон пайызы чиновниктер. Демек, бирөөнүн ырыскысын тартып алгандар. Алганын актап, жок дегенде дурусураак иштеп берсе да бир жөн. Булар микробго окшоп кирген эле жерин чиритип атпайбы… Анан кантип оңололу.

Тамашага аралашкан, бирок элдин тагдырына байланыштуу сөздөр көп болгон. Ал кандай күлкүлүү сөз айтса да, анын өзүнчө бир моралы болор эле.

Менин пикиримде, кийинки кезде аны айрыкча түйшөлткөн маселе кыргыз элинин тагдыры, анын келечеги өңдөнөт. Мага кезиккенде бул маселени көтөрбөй койчу эмес. Бүгүн анын айткандарын эстеп көрсөм, негизги тезистери төмөнкүлөр болчу: кыргыз эли узак убакыт башкалардын көрсөтмө акыл-насаатына баш ийип жүрүп, өзүн өзү башкаруу ыкмасын унута баштаганда, улут катары толук сезимге жете электе эгемендик түндүктөн түшкөнсүп келип калгандыктан, анын кадырына жете албай, эски оорусу кармап, трайбализм жолуна түшүп кетиш коркунучу көпкө чейин сакталышы да ыктымал. Ушул тапта эли үчүн бардык пендечиликке кайыл болуп, күйүп-жанып иштеп бере турган инсандын карааны көрүнбөйт. Эгемендүүлүк үзүрлүү болуш үчүн ар бир жаранды ак эмгек менен акыйкатчылыкка багытташ керек эле. Бизди тескери жолго салып коюшту.

«Чала молдо дин бузат» дегендей эле, демократия менен эркиндикти өз башынан өткөрүп, көзү менен көрүп, жүрөгү менен сезбеген адамдар бийликке келип эмне кылыш керектигин терең түшүнө албай, илгерки Таманго абалын элестеткен жолдо баратабыз. Лидерлерибиз саясий-экономикалык альтернатива аркылуу атаандашкандай дарамети жок, кызматка илинсе эле болду, калганына кайыл. Ататүрктөй эрен чыкпады. Интеллигенциябыз - арабөк калган немелер - элди алдыга багыттагандын ордуна артка түртүп, популизм күч алып баратат. Эми бир эле үмүт калды — мына бу бузула элек жаштарга таяныш керек…

Жеке өзүм, арийне, Сакемдин айткандарынын бир гана бөлүгүнө күбө болдум. Балким, башкалардан көбүрөөк да, узагыраак да, кененирээк да сүйлөшкөнү мен болгондурмун. Ошондой болсо да мен жалгыз эмес элем. Анын ой бөлүшкөн адамдары өтө эле көп болчу. Бүгүн ойлосом, Сакеме тургуза турган эстелик катары аны менен аңгемелешкен адамдар эс тутумун чыңалтып, жадында калган сөздөрүнүн ток этер жерлерин жазып берип, анан окурмандарга өткөрүп берсек чоң иш кылган болор элек. Бул мурас келечек муундар үчүн өзүнчө бир баа жеткис казына болуп калары шексиз.

*(«Кыргызстан маданияты» 17.03.2011)*

**Кеңеш Жусупов: Акыл дарыгери**

**Жетиктик**

Эстесем, Салижанды билгениме элүү жылдын чамасы экен. Мектепти бүтүргөн соң университетке тапшырганы шаарга алгач келгенбиз. Бишкек калаасында Ж.Бөкөнбаев атындагы китепканада айылдаштар жолукчубуз. Бир жолу китепканада акындар менен жолугушуу өттү. Шаардагы мектепти жаңыдан бүтүп жаткан чепилдеген баланын талтөөндөй зирек ойлоруна, сынына, билим дареметине көңүлүм толгон. Аны кийин сурамжыласам жаш сынчы Салижан Жигитов экен.

Бир-эки жыл өткөндөн кийин Салижан менен университетте дайыма көрүшүп жүрдүк. Анын сөзүн укканга куштар болгондор көп эле. Ошо береги өзүнө тарткан өктөмдүгүн өмүр бою жоготподу.

Элүүнчү жылдары студенттер менен Ошко пахта тергени поездде баратабыз. С.Жигитов вагондон чыкпай эки-үч күн бою бир китепти тигиле окуп, кээде өзүнчө эле каткырып, жыргап баратты. Поезд токтогондо анын окуган китебине кызыктым. Франсуа Рабленин "Гаргантюа Пантагрюэль" деген орусча китеби экен. Мен андай жазуучуну билбейт элем. Француз жазуучусунун ошол чыгармасын кийин-кийин гана

китепканадан таап окуп чыктым. Салижан биздин муундун ичинен дүйнөлүк адабиятты эрте окуган, интеллектуалдуу, жетик ой жүргүзгөн таланттуу курбу эле. Идиректүү таанымал сынчы болуп, университеттин адабий ийриминде, жолугушууларда талбай, таасын сүйлөп, жаш жазуучулардын китептерине басма сөздө улам сын жазып, студент курагынан кыргыз жазуучуларынын майданына дароо аралашты.

Жазуучу У.Абдукаимовдун "Майдан" романын талкуулоодо, Ч.Айтматовдун "Жамийла" повестинин конференциясында С.Жигитовдун калемдештеринен айырмаланып көптү түшүнгөнүнө, чындык үчүн күрөшкөнүнө, күлгүн курагыбыздын шыктуу өкүлү болгонуна биз чындап сыймыктанар элек.

Ошентип, кыргыз адабиятына 60-жылдары кошулган муун катары Салижан менен калемдеш, замандаш жана баардаш болуп калдык.

**Аздек**

Кыргыздар эзелтен сөзгө бай, аны ыйык туткан, Кыдыр даарыган эл. Байыртан калк ичинде нуска сөздү аздектеген нечен мыкты залкарлар, таланттар жашап өттү. Ошонун бири Салижан Жигитов, мүрөктөй тунук сөздүн шаанисин ачкан жубар бермет шуру түзгөн чебердин чебери эле. Кыргыз тилине жыйырмадан ашык жаңы сөздү таптым, байкалбай эле калайык урунуп кетти дегени эсимде.

Ал тунук ойго маш, асыл идеяга бай адам болгон. Капилеттен сөз тапкан, учкул кыял эле. Ар бир сөзүндө, ой жүргүзүүсүндө жаңылык ачып сүйлөчү, аны укканда көзүңачыла түшөр эле.

С.Жигитов ырды да, макаланы да, аңгеме, повесттерин да кемелине келтирип, кыйналып-кысталбай эркин жазчу. Ал чечен, мыкты ооз еки аңгемечи болгон. Кээде али жаза элек чыгармаларын, аңгемесиби же повести болобу, окуясын төкпөй-чачпай, өзү да каткырып, башкалардын да боору катканча күлдүрүп толук айтаар эле. А эмнеге кагазга түшүрбөйсүң десек, андайлар менде толуп жатат, эң мыктысын кагазга түшүргөнгө убактым жетпей атпайбы деп кутулчу.

С.Жигитов көркөм чыгарманы сейрек жазды: анын "Элегиясы" тирүүлүктүн муңдуу арманы, кыргыз поэзиясынын үлгүсү болуп бааланып калды. Жазуучунун шакаба аңгеме, повесттерин жыргап, кыткылыктап күлүп окуйсуң. Биздин адабият менен маданияттын алкагында опур-топур көп болгон менен Салижандай сөз илебинен окурмандын жүрөгүнө шам жаккан чеберлер, устаттар сейректир. Ал кыргыз тили деп апырандабай эле жакшы макала, ыр, повесть жазып, улуттук тилди, намысты аздектеген күрөшкер экенин көрсөтчү.

Ал маектеринде, кайым айтыштарында учкул ойлорун, ыймандай сырын кимге болсун жалтактабай бетке айта алды. С.Жигитов - кыргыз рухий дүйнөсүнүн кардиограммасы, абийир таразасы. Кысыр сөздү жактырбаган, заманыбыздын чечени, сынчысы, шакабачысы жана тарбиячысы эле.

С.Жигитовдун сөзү уу да, дары да эле. Уусу- жаманга жалын, дарылыгы - жакшыга эм, дем эле. Өмүр бою сөз аздектегенди эли кантип сүйбөсүн!?

**Коңгуроо**

Күндөрдүн бир күнүндө, Түкөбүзгө (Т.Сыдыкбеков) "Кыргыз Республикасынын Баатыры" наам ыйгарылган күндө, Сакем экөөбүз устатты куттуктаганы жөнөп калдык, ал түрктүн байына окшоп "шыпылдай басып" алдыда, мен белек-бечкекти көтөрүп ээрчишип баратабыз. Жолдо, "Эми Түкөнүн үйүндө эл бапырап батпай калгандыр" деп жазганган элек. Барсак, залкардын короосу, эки кабат үйү жымжырт, ээн. Бир гана юрист жээни бар экен, эки баласы, болгону ушу. Кезегинде Түкөм жетелеп жүргөн, жакшылыгын көргөн баягы адабияттын "торпоктору" да жок.

Биз залкар жазуучунун үйүнө түштө бардык эле, бабырашып отуруп кеч кайттык. Жолдо далайга үн катпай келаткан Салижан бугу чыгып кеттиби, жерге түкүрүп-түкүрүп, залкар жазуучуну замандаштары баалабаганыбызга жаны ачыды. Андайда Салижан сөздү сөөккө жеткире айтар эле. Көпкө дейре басылбай, талант, устат, шакирт, салт, намыс, патриоттук жана кыргыздардын кылык-жоругун бакылдай берди.

Бул жолугушууну Сакем далай эскерер эле. Салижан Жигитов да Түкөмдөн кем калбаган күрөшкер, патриот эле.

Рухий байлыгы таза, мол С.Жигитов академиядабы, энциклопедиядабы, элчилигиндеби, илимий окуу жайдабы, кайда болсун, иштин майын чыгарар эле. Анын Кыргыз Совет энциклопедиясын жаңыдан чыгаруудагы атуулдук эмгеги баа жеткис. Окумуштуу-энциклопедист катары да ысмы түбөлүккө өчпөй калды. Окумуштуунун кеңири ой жүргүзгөн илимий изилдөөлөрүн, маектерин кудум көркөм чыгармадай ынанып, суктанып шыдыр окуйсуң.

Ал чындыкты айткан, жамы элди ойготкон жана жол көрсөткөн жөнөкөй, дүнүйөкапар адам болчу: жеке өмүрүндө таза жашоону, көз карашында тунук ойчулдугун тирүүлөргө көрсөттү; абайласак, айылда туулуп-өссө да, элеттик, трайбалисттик шаан-шөкөт, күлпөт курбаган,

уюшмага аралашпаган, ой жүргүзүүсү бийик, дүйнөлүк интеллектуалдардан калышпаган рухий кудурети, маданияты күчтүү аалым эле.

Кыраакы киши азыркы бейпай доордогу кыргыздардын рухий, зээн запкысынан кантип кутулуунун өзгөчө үлгүсүн, сабагын айта алды. Анын чаңырган коңгуроосун уктукпу, сездикпи биз?

Акылдан ой курган С.Жигитовду жакшы көрбөгөн кыргыз жок чыгар. Анын досу көп болчу, а душманы жок дээр элем. Эмне үчүн десең, "душман мага окшогон кыйык киши болуш керек, кыргызда андайлар табылбайт" деп шакаба чегип коёр эле.

**Рух асылы**

Ал турган турпаты менен пенделик бийик деңгээлге, өзүнүн кара эмгегине таянып, рухий шатынын ар баскычын өжөрлөнүп, улам өөдө чыгып отуруп, акыры туу чокусуна жетти.

Доордон эрте туулган сергек, жапакечти Теңирим биздин доорго атайы жиберсе керек. Байыртан бери ар бир доорго кыргыздарга улуу инсандар жаралып турган. Аларды элибиз пир, шер, каган, акын, бакшы, чечен, олуя ж.б. аташкан. Кыргыздар андай айкөл, бакубат өмүр сүргөн шааларын учурунда баалабай, урматтабай, сөзүн таназар албай кайдыгерлик жасаганы да чындык. Акыры алардын артында артыкбаш дүнүйөсү, байкер жашоосу эмес, көөнөрбөс эмгеги, накыл сөзү гана калат тура.

С.Жигитов дээринен сезимтал, зирек өскөн, өзүн-өзү чыйрак тарбиялаган, өмүрүн куру кыялга жетектетпеген, тилек-максаттарын алыска мелжеген, чаалыкпас эмгекчил, акылгөй жана жашоого кайраткер жан болгон. Адам катары ал коркоктуктан, азгырыктардан эрте кутулган. Ага акча, наам, даңк кеп эмес эле, алардын артынан сая кууган жок.

Салижандай жашап, иштеп, ойлоп жана күрөшүп өткөнгө биздин чама-чаркыбыз, кудуретибиз жетер бекен?! Бүгүн эле Салижандай жашап, акын, жазуучу болом деп обу жок шымалангандарга ишенбейм.

Жеринен ниеттеш болбой туруп, эми эле Салижандай ойчул болуп кетем, көптү айта аламын, мен андан кем бекем?! деп озунгандарга ишенбейм.

Буга дейре кайдыгер жүрүп, эми Салижандай күрөшчүмүн, патриотмун дегендерге ишенбейм.

Анткени, Салижандай болом деген адам бир күндө, бир жылда, беш жылда боло койбойт, балагаттан тартып көз жумганга чейин, өмүр бою өзүн тарбиялаган, чаалыкпай изденген, эргип-өсүп отуруп, доорго, элине ак жүрөк, акыл кеменгери, көпчүл жана элин сүйгөн рухий дарыгер болуш керек.

**Жоктоо**

Ысык-Көлдөн кайгылуу кабар угуп, Салижандын зыйнатына турам деп, эсилкайранды жолдо катар жоктоп келдим, өксүгүр дүнүйө.

Салижан десе, азил сөзүн эстеп алып шаттыкка маашырканып калар элек, а бүгүнкү күндө бейиши болгурду "кайраным" деп жоктоп муңканып, кабыргабыз кайышып турат. Салижан Жигитов деген адамдын гүлү эмес беле...

...Акыркы күндөрү өмүр кыскалыгын туйганбы, дартка дабаа жоктугун сезгенби, айтор бейтап Сакем али жазыла элек эмгектерин санап, маектерин берип, үн жазгычка элеттеги эскерүүсүн калтыргысы келген.

Бу алакчы дүнүйөгө Адам болуп жаралган соң, тирүүлүктүн вазийпасы оор жүк болгон соң, Салижан Жигитов башына түшкөн түйшүктүн баарын эрдик менен жеңе алды: ачкачылыкты, жетимчиликти, жалгыздыкты, жалкоолукту, кайдыгерликти, караңгылыкты, өзүмчүлдүктү, дартты... Акыры шум өлүмдү жеңе албады. Буга Будда да, Христос да, Мукамбет да, Сократ да, Конфуций да, Салижан да алсыз экен. Жараткан Теңир улууну да, кичүүнү да, ханды да, кайырчыны да келме кезекте теңеп коюптур.

Аттиң, анын көп ою, чыгармасы, арманы али да айтылбай, өтөсүнө чыкпай, жазылбай ичте кетти.

Буга чейин батышчылар Сократ айткандай, чыгышчылар Кунфу айткандай деп оздорунан түшүрүшпөгөн сыңары, эми биз Салижан айткандай деп какшанып калабыз.

XX-XXI кылымда кыргыз маданиятына, илимине жана рухий дүйнөсүнө адил эмгектенген далай залкарлардын бир даары көзү тирүүсүндө бийликтен сый-урмат көрбөй, татыктуу наам, илимий даража ыйгарылбай а дүйнө кетишти. Ошонун бири Салижан Жигитов. Эми ага окшогон адамдарга алтын медаль эмес, алтындан эстелик койсоңда аздык кылат. Ата, алар көзү тирүүсүндө эмгегинин үзүрүн көрсө, канчалык канимет болор эле. Наам, даража албай калган алардын кемчилиги эмес, доордун, анан калса биздин кейиш, биздин кемчилик, биздин түркөйлүгүбүз.

Не дейли. Тирүүлүк - биздин олжобуз. Бизди таштап тиги чын дүйнөгө эрксиз кеткен берендин сөздөрүн, жоругун, күлкүсүн, шакабасын эстеп жүрөрбүз. Эмгегин кайра-кайра окуйбуз. Тукулжурап турарбыз. Кыргызда келечекте кайран Салижандай талант, кунарлуу булбул чыкса экен деп тилейбиз!..

**Үч келме**

... Ал мени селт эттирип капыстан шак ойготуп жиберди. Караңгы жети түн экен. Тобо, Салижандын күңүрт элесин сезип турдум. Анан, ал мени мурда деле ойготуп жүргөн турбайбы деген ой келди. Ал мени ойлонбой эле шатыра-шатман бейкапар жашап жүргөнүмдө деле ойготуп жүргөн турбайбы дедим дагы. Мен аны учурунда туйбапмын да, түшүнбөпмүн да. Аттиң, ойгонгон эмес экенмин. Ал мага: уктаба, жалкоолонбо, кекиртегиңди тый, ойлон, иште, ойгон! деп капаланчу тура.

Илгертен бери кыргыздын акыл устаттары баарыбызды ушинетип ойготкон! Салижанга ынандым да, чын эле качанга чейин уктай берем деп намысыма келип, ардандым. Ал кара башынын жыргалын ойлонгон жок. Ага капа болгон жок. Башкаларга капа болгон тура. Ал бизди ойготкон тура. Ал улуттун азыркы абалы, рух, духу, аны тазалоо, келечекте сактоо жөнүндө капаланган, ойлонгон тура.

Анын оюнда эч бир карасы жок эле. Ал ичине эч бир жаман сөз, бечел ой жымырып катпады. Акыл, ой дарбазасы ачык болчу. Ал артынан зор бапыраган байлык, мүлк, аксарай, банк таштаган жок. Аны табууга акыл кудурети жетет эле. Ал артына тунук сөздү, акылды ак кагазга таштады. Ал улуттун акыл казынасына аманат таштады. Ал бизге акыл килемин алдыбызга жайып таштады. Биз сулуулуктун, акылдын, чакырык нускоонун үстүндө отурабыз. Аны сезип, асырап, баалай алганга шаабыз, акылыбыз жетээр бекен!

Рух, дух өлбөйт дешет. Акыл да жоголбойт, өчпөйт дешет. Кыргыздын рух, духун байыртан изилдеп, асырап, жыйнап, жаңылап, ардактагандар кыйла эле болгон. Түбөлүктүү түйүнү чечилбеген суроолор көп. А бирок, жандырмагын тапкандар бар.

XX кылымда кыргыз рухун көтөргөн далай дааналар чыкты. Алар бизге ыймандай сырын ачык айтып, жеке өмүрдү кантип жашап өтүү керектигин, атуул, адам кандай болуу керектигин чечмелеп жашоо формуласын таштап кетишкен. Ар биринин өзүнчө өмүр баяны, ажары, нускоосу, акылы бар.

Салижан Жигитов кыргыздын мөл тунук сөзү менен Акылдын эстелигин куруп, тургузуп кетти. Анын чыгармасын окуган эси бар кыргыз: "Мобул улуу сөз, акыл эстелигин курган, коңгуроо кагып турган Жигитов деген акыл дарыгери ушу турбайбы " деп, "Эми эмне кылуу керек?" деген суроого жооп таап берген улууга секин таазим этээр.

Өмүр - булак.
Өмүр - чагылган.
Өмүр - аккан суу.
Өмүр - осуят.
Өмүр - акыл.

Ушуну Салижан чечмелегендей, ойлонгондой, мээнеттенгендей, жашагандай башыбыздан кечире алар бекенбиз?!

Анын асыл сөздөрүн бир капка жыйнап, жонубузга көтөрүп, туу белге чыгалы. Бул Сизифтин жүгү, мээнети, сабагы эмес. Бул - Салижан Жигитовдун жүгү, мээнети, сабагы. Ал кыргыздын акыл жүгү. Аны көтөрүп жүрүүдөн Кудайым, Теңирим чарчатпасын, тажатпасын, аны чечүүгө, марага жеткирүүгө кубат берсин!

*(«Кыргызстан маданияты» 17.03.2011)*